# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №3 (301) | 29.03.2024. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru




*Баш сөз*

# Мамлекеттик тил жана мамлекеттүүлүк



**Мелис МУРАТАЛИЕВ,
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы**

Адам баласы бул жашоо жолунда үч түр курал тапты: жашоо, эмгек, согуш куралы.

Жашоо куралы - адамга жашоону аңдап, тааныганга керек.

Эмгек куралы - жашоо ыңгайын түзүүгө керек.

Ал эми согуш куралы - алгач коопсуздук үчүн керек болсо, улам кийин адам адамга үстөмдүк жасоо үчүн керек болду.

Албетте, ушулардын ичинен эң маанилүүсү жана таасирдүүсү – жашоо куралы! Ал эмне деген курал? Адам бул жашоодо эки дүйнөдө жашайт жана экөөнү тең кармап жашаса, адам баалуу да, бактылуу да болот деген түшүнүк бар.

Биринчи дүйнө – адамдын ички дүйнөсү: жан дүйнөсү, акыл дүйнөсү жана сезим дүйнөсү.

Экинчи дүйнө – адамды курчап турган сырткы дүйнө: эң ириде адам коому, адамзат, үй-бүлө, уруу, эл, табият, өсүмдүктөр дүйнөсү, жаныбарлар дүйнөсү, тоо-таш, жер-суу, жана бүтүндөй аалам.

Мына ушул эки дүйнөгө көпүрө болуучу адамдын ички туюмун, оюн, ниетин сырткы чөйрөгө жеткирүүчү – бул жашоо куралы, ал албетте – тил!

Адамдын тили – бул адамдын жашоо куралы!

Ал эми элдин, улуттун тили – бул ошол элдин эң бир баалуу жашоо тажрыйбасы, жашоо билими. Себеби, ар бир сөз – өзүнчө түшүнүк, ар бир түшүнүк – өзүнчө билим, ал эми билим болсо жашоо тажрыйбасы менен гана келет. Тилдин жаралышы адамдын аңсезиминин өсүшү менен, ички жана сырткы дүйнөнү таануу менен, жашоону түшүнүү жана кабылдоосу менен калыптанат. Демек, ар бир элдин тили аркылуу анын турмуш тажрыйбасын, жашоо билимин жана дүйнө таанымын билсе болот.

Эми кыргыз тили тууралуу айтсак: Мамлекеттик тил менен мамлекеттин байланышына токтололу.

Мамлекет – бул кайсы бир элдин жашоосунун азаттыгын, коопсуздугун, көз карандысыздыгын камсыз кылган күч! Бирок, биз бүгүн ошол күчтү туура нукта пайдаланып жатабызбы? Элдин мүдөө-талабы, элдин бакубат жашоосу, келечеги, улут үчүн, эл үчүн өтө маанилүү негизги иштер мамлекет тарабынан камкордукка алынып жатабы? Бул бүгүнкү кыргыздын чоң суроосу жана кейиштүү абалы!

Кыргыз тилинин байлыгы анын сөзүнүн көптүгү менен эле чектелбейт. Тилдин байлыгы – сөздүн салмагы менен, сөздүн күчү жана сөздүн көркөмдүүлүгү менен кошо ченелет.

Кыргыздын бир улуу сөзү бар: «Кан бийлигинен нарк күчтүү» деген. Себеби, кыргыздын дүйнө таанымында, жашоо адебинде, турмуш тажрыйбасында Элдик Нарк дайыма бийликтен жогору турган. Бийликтин милдети элдин кызыкчылыгын, мүдөө-талабын коргоп, келечекке кам көрүү. Тескерисинче, бизде элдин мээнети, көз жашы жана убалы бийликтин жыргалычылыгы, бакубатчылыгы үчүн болуп калды.

Ушундан улам, биз нарк деген сөздүн маанисин түшүнбөй, анын жашоодогу маанилүү ордун жоготуп алдык.

Кыргызда дагы бир сөз бар: «Канча тил билсең, ошончо дил билесиң», деген. Мында башка тилдерге эч каршылык болбош керек. Колдон келсе, аларды көбүрөөк өздөштүрүш керек, анткени чет тилдер сага жашоо курал болуп, өз улутуңдан сырткы алкактагы адамзаттын жашоосун тааныганга, алар менен алака түзгөнгө, достук менен ырашкерликте жашоого өбөлгө жана негиз болот.

*(Уландысы 2-бетте)*




Эсенбай НУРУШЕВ
**БИР СӨЗДҮН ТАРЫХЫ ТЕҢИР**
3-БЕТ



Сулайман РЫСБАЕВ
**СӨЗ ЖӨНҮНДӨ ЭТЮДДАР**
4-БЕТ



Маматали МУРЗАЕВ
**ТИЛ САЯСАТЫ ЖАНА ТУРМУШ**
6-БЕТ


**ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484**
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА **779** СОМ **34** ТЫЙЫН

# Мамлекеттик тил жана мамлекеттүүлүк

(Башталышы 1-бетте)

Бирок, негизи барып-келип эле өз тилиңди билбегениң, өзүңдүн дилиңди, демек өзөгүңдү, тамырыңды, табиятыңды билбегендик, ким экениңди билбегендик да! Өзүңдү аңдап билбесең, элиңе, мамлекетиңе кандай кызмат өтөсө болот? Өз наркыңды билбесең, улуттук баалуулукту таанытбасаң, мамлекет болуп жашаганыңдын баасы эмнеге арзыйт? Дагы да айталы, Мамлекеттик тил – мамлекеттин жашоо куралы! Дегеле мамлекетибиздин, элибиздин жашоосун ойлосок, жаркын келечегибизге багыт алганды кааласак, анда маселенин эң таалуусунан баштоо зарыл, ал – биздин эне тилибиз!

Өз тилинен адашкан адам жашоодо кандай алсыз жана көз каранды болсо, эл дагы, мамлекет дагы өз тилинен өксүп, негизги жашоо куралынан айрылса эмне болот деген суроону элдин өзүнө эмес, ошол элдин тагдырын чечкен төбөлдөргө узаткым келет!

Биз кыргыздар бүгүн өз тилибизде сүйлөйбүз, бирок, көбүн өзүбүз түшүнбөйбүз.

Биз бүгүн өз тилибизде окуп жатабыз, бирок дилибизди окубай, таанбай жатабыз…

Сөзүм кургак болбош үчүн бир мисал, кыргыздар эл башына келген адамды, падышаны - КАН деп атайт.

Дүйнөдө 40ка жакын түрк тилдүү элдер бар, ошолордун ичинен кыргыздар, хакастар, алтайлыктар жана тывалар эле падышасын КАН деп атайт, калгандары ХАН дешет. Ошол элдердин сөздүктөрүндө ХАН деген сөздүн этимологиясы тууралуу маалымат жок, жөн гана котормосу: ХАН дегенде падыша деген эле түшүндүрмө бар. Ал эми бизде кыргызда, алтай, хакас, тыва элдеринде Кан деген сөздүн этимологиясы кадимки денедеги кан деген сөздөн келип чыкканы айтылат.

Эмне үчүн кыргыздар башчысын КАН деп атаган?

Бүгүн муну билген кыргыз аз, өтө эле аз, көпчүлүгү билбей калган. Түшүндүрмөсү: денедеги кан бүтүндөй организмге, бардык дене мүчөлөрүнө бирдей кызмат аткарат, кан азык ташыйт. Дене азыктанбаса өлөт да. Кан денеге азык ташып, анын жашоосун камсыз кылат, кызматы ошол. Кан өз каалоосу менен бир дене мүчөсүнө көбүрөөк азык, экинчисине азыраак азык ташыбайт. Кан үчүн дене мүчөлөрү бүт баары бирдей, жакын-алыс, өз-жат, тууган-тууган эмес, тарапташ-каршылаш, деп бөлбөйт. Кан баарына бирдей, тегиз кызмат өтөйт.

Мына ушул себептен, кыргыздар ЭЛДИ бүтүн дене катары көрүп, Эл башына келген башчыны КАН деп атаганы, денеге кан кандай тегиз кызмат өтөсө, ЭЛГЕ да КАН ошондой калыс, адилет кызмат өтөсүн дегени да! Ошондуктан элибизде "Туура бийде тууган жок, тууганду бийде ыйман жок" деп айтылып келген. Бүгүн биз тилден калган, колдон-буттан ажыраган мунжуга окшошуп баратканыбыз жалганбы? Өзүбүздүн тилибизди, сөзүбүздү көпчүлүгүбүз түшүнбөй, билбей калдык!

Эгер түшүнсөк, падышаларыбыз да чыныгы КАН болбойт беле, аттиң!.. Атаганат, баары өз жайына келип, элдин биримдигине, бүтүндүгүнө кам көрүп, элибизди тентитпейт эле да!

Аягында айтар сөз, «Учурдагы жагдайың анча деле маанилүү эмес, эң маанилүү милдет – сенин бет алган багытың!» деген экен кайсыл бир акылман. Бүгүнкү кыргыздын акыбал-жагдайын бардык жагынан эске алып туруп, Президентибиз чыныгы КАНдык милдетин аткарып, элибиздин жашоо куралын күчтөп, улуттун улут болмогунун негизи эне тилибиз аркылуу дилибизди, өзөк, тамырыбызды, табиятыбызды таанып, бекемдеп ошондон улам келечекке ак кызмат өтөөсүн чын дилимден каалайм жана баарыбыз бул асыл максатта биргеликте, милдет, жоопкерчиликте экенибизди билдирем.

# "Кыргыздын Манасы, адамзаттын Айкөлү" аталышындагы конференция болуп өттү

Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгына жана Кызыл-Суу Кыргыз автономдуу облусунун 70 жылдыгына карата "Кыргыздын Манасы, адамзаттын Айкөлү" аталышындагы конференция болуп өттү.

Бүгүн 25-март кытайлык кыргыз жигити Толкун уулу Каныбектин демилгеси менен түзүлгөн "Этностан" маданий борбору тарабынан Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгына жана Кызыл-Суу Кыргыз автономдуу облусунун 70 жылдыгына карата "Кыргыздын Манасы, Адамзаттын Айкөлү" аталышындагы конференция болуп өттү.



Иш-чарага КР Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетов, КР Президентинин Администрациясынын изилдөөлөр, саясатты иштеп чыгуу жна рефомаларды ишке ашыруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары К.Жанузакова, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы М.Мураталиев, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Ч.Эсенгул уулу, "Манас" улуттук академиясынын, Кыргыз улуттук "Манас" театрынын, "Мурас" фондунунун жетекчилери, илимпоздор, төкмө акындар, ошондой эле кытайлык кыргыз боордошторубуздан сырткары Түркия, Өзбекстан, Тажикстан жана ооганстандык кыргыздардын өкүлдөрү катышты.

Конференциянын максаттарынын бири этникалык кыргыздар арасында этностук маданиятты жайылтуу, маданий-гуманитардык байланыштарга көпүрө болуу, этникалык кыргыздарды колдоо менен катар этностук маданияттын өнүгүүсүнө жана этностук баалуулуктардын алкагында Аалам кыргыздарынын бир түндүккө биригүүсүнө салым кошуу.

Иш-чаранын жүрүшүндө баяндамачылар "Манас" эпосуна токтолуудан сырткары, элибиздин баалуулуктарына толктолуп, ал эми Улуттук комиссиянын төрагасы М.Мураталиев уюштуруучуларга ыраазылык билдирүү менен Улуттук комиссия тарабынан "Манас" эпосуна арналып чыгарылган китептерди белекке берди.

# КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан тил корпусу түзүлөт



Бүгүн 19-мартта Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиевдин катышуусунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тил корпусун түзүү боюнча тапшырмасына ылайык кеңешме-жыйын өткөрүлдү.

Жыйынга КР Санарип министрлигинен, Архив кызматынан, ЖОЖдордун, ММКлардын, китепканалардын, басмаканалардын, IT тармагынын өкүлдөрү катышып, жыйындын жүрүшүндө тил корпусун түзүү ишинин механизмдерин камтуу менен жобосун иштеп чыгуу маселеси каралып, жылдын аягына чейин болжолдуу 250 млн. ашык сөздү киргизүү боюнча иш мерчемделүүдө.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)

29 03 2024

kyrgyztili@mail.ru

# БИР СӨЗДҮН ТАРЫХЫ
# ТЕҢИР





**Эсенбай НУРУШЕВ**

Бүгүн бизде теңирчиликке кызыккандар көбөйдү, атүгүл аны дин кылып каттаткысы келгендер пайда болду. Демилгечилер "Манас" эпосун, башка кенже дастандарды теңирчиликтин ыйык битиги, окуу китеби боло алат деп ырасташты.

Иштин бул өңүтүнө өзүнчө кайрылса болот, азырынча "теңир" сөзү өзү кайдан чыккан, анын түпкү уңгусу, узун тарыхы жана таржымакалы кандай, азын-оолак териштирип көрөлү.

Акыркы он жылда байыркы ушул түшүнүккө байланышкан түгөнгүс түкшөмөлдөр айтылды, алардын баары айныбас акыйкаттай таңууланды. Быйыл эле теңирчилердин бири бу сөздү "чексиздик" маанисинде чечмеледи, бирок эч кандай танык, далил келтирген жок. Ага чейин кай бир "озук чыкма" (продвинутые) каркыбарлар аны "тең+гир" кылып экиге бөлүп, байыркы бабалардын арбай дүйнөсүнө тең кирүү (ровно войти в мир духов предков) таризинде түшүндүрүп, бу "табылганы" теңирчилик боюнча өздөрүн "адис" эсептегендер колдоп-коштоп келишти. Жаңы ачылыштай ташбыйкатталган башка "жаңылыктар" да аз эмес.

Шарт эле айта кетели: кыргызда "гир" деген дегеле сөз жок, ал тек гана уланды мүчөнү, болгондо да анын жандуу эмес, жансыз түрүн билдирет (мис: жерге киргир, тукумуң кургур, арбак ургур ж.б.). Орусча "войти" кыргызча "кир" эле болот, башка формасы жок. Махмуд Кашгаринин атактуу лугатында деле "кир" деп катталган. "Теңир" сөзү бир гана орус тилинде "тенгир" болуп айтылат, калган бардык түрк, алтай, монгол тилдеринде бу сөз ар түрдүүчө – тенгри, тенгери, тегри, дээр, тура, тангара, тэнгэр, тэнгэри, тэнгри, тэнгэр, тер ж.б. формада жолугат. А эгерде "теңир" сөзүн ушунчалык эле бөлчөктөш зарыл болсо, анда ал байыркы түрк тилинде тең-ир - "тең киши" же "тең эркек" (ир, эр, ар)дегенди билдирмек.

Бизге минтип жомоктон жомок чыгарыштын зарылдыгы жок. Эмнеге дегенде дүйнөлүк түркологдор, чыгыштаанымчылар (востоковеды) арасында бу сөзгө, анын маани-маңызына тиги же бул өлчөмдө кайрылбаган авторлор аз болсо. Биз алардын баарын эмес, олуттуу учурларын гана эске салып өтмөкчүбүз.

Атап айтканда, он миң жылдан ашуун тарыхы бар алтай кубар тилинде (праязык) taŋgiri - ант, кудай дегенди билдирген. Кийин, болжол менен биздин заманга чейинки V миң жылдыкта бул тил тарамдала баштайт, бирок анын бардык үч –батыш (түрк-монгол), орто (тунгус-манжур) жана чыгыш (япон, корей) - салаасында тең taŋgiri тиги же бу формада сакталып калган. (Starostin S.A., Dybo A.V., Mudrak O.A. Etymological dictionary of the Altaic languages. Leiden, Brill, 2003).

Теңир хунндарда (сюнну) кадимки эле "кудай" дегенди билдирген, көктү алар "ченли" дешкен. (Ch"eng-li ku-t"u shan-yu - көктүн уулу шанүй. Gerard Clauson. An Etymological Dictionary of prethirteenth-century Turkish. Oxford: Clarendon Press. 1972). Биздин заманга чейинки 165-жылдар чамасындагы кытай документтеринде түрктөр кудайды "таңри" деп айтары көрсөтүлгөн (Религии мира. Энциклопедия. М., 1996. Т. 6.). Арадан миң жылдай өткөн соң - 921-922-жылдары арап саякатчысы Ибн Фадлан өз сапарын баяндаган жазмаларында көчмөн түрктөр "бир таңри" деп айтышарын белгилеген ( Путешествие Ахмеда Ибн-Фадлана на реку Итиль. Казань. 1992).

Бу жерде башка да ондогон илимий, тарыхый даректаамаларды келтирсек болмок, бирок жогорудагы маалыматтар жетиштүү деп ойлойбуз.

"Täŋri" сөзүнүн түпкү мааниси, баштапкы жаралыш формасы – этимону – кандай болгону такталa элек, бери эле дегенде бул жагынан изилдөөчүлөр арасында бир беткей пикир жок. Айрымдар аны кадимки эле "таң" менен байыркы египеттиктерде Күн кудайынын атын туюнткан "ра" айтымынын кошундусунан жасалган болуу керек дешет. Бирок муну ынанымдуу таныктар менен алиге чейин эч ким далилдеп бере элек. Учурунда Л. Гумилев так маанисин табылмайын "таңрини" ушу бойдон калтырган жөн болорун, аны түкшөмөлгө салып которуп койгондо бу термин тууралуу ар түрдүү жалган түшүнүктөр жайылып кетерин эскерткен.

Тарыхчынын айтканы келип, азыр "элдик лингвистиканын" (folk linguistics) өкүлдөрү маселени опоңой эле чече салып жүрүшөт. Мунун биздеги мисалдарын өйдөдө айттык, ал эми башка жактык "билермандарга" келсек, алар хунндарда жана эртеги (прото) түрктөрдө "таң" - көктү, асманды, "ри" – киши, адам дегенди туюнткан, экинчи уңгу азыркы түрк тилдеринде "эр" (ир) түрүнө өтүп айтылып калган дешет. Ошондо taŋri "көктүн кишисин" же "ыйык кишини" билдирип, кийин – "Көктөгү Ата" маанисин алган имиш. Биринчиден, "таң" не хунндарда, не эртеги түрктөрдө "көк" (асман) болуп айтылган эмес, толук омоним иретинде ал орто кылымдарда, мисалы, Махмуд Кашгариде бир канча мааниде катталган. Экинчиден, эр (ир, ар) азыркы замандагы эмес, дал ошо эртеги (болжол менен б.з.ч. III-II кылымдар) түрктөр доорунда кеңири таралган атальмдар. Ал эми "ри" морфемасына келсек, ал эч жерде кезикпейт. Бери эле дегенде хуннадар менен эртеги түрктөргө, алардын тилине кайрылган изилдөөчүлөрдүн (М.Кастрен, Н.Аристов, К.Сиратори, П.Пельо, О. Мэнчен-Хелфен сыяктуу ысымдардан тартып азыркы А.Дыбого чейинки авторлордун) бири да бу сөздү жолуктурган жана белгилеген эмес.

Экинчи бир "элдик лингвисттер" taŋriни байыркы индоевропалыктардын "тан" түшүнүгүнө алып барып байлап, аны да "асман" маанисинде чечмелешет жана ушу таризде арий түркүмүндөгү элдерге кеңири таралган деп ырасташат. Бирок санскритте асман - дью, набха делинет, ал эми "тан", "Тан" таптакыр башка маанини билдирет. (Кызыккандар карап көрүшсүн: Кочергина В.А. Санскритско-русский словарь: около 30000 слов. М. 1987; Monier-Williams, Sir Monier. A Sanskrit-English Dictionary: Etymologically and Philologically Arranged With Special Reference to Cognate Indo-European Languages. Oxford University Press, USA. 1920).

Ушу жерде Гордон Холмес Фрейзердин көлөмдүү бир макаласына көңүл бура кеткибиз келет. Ал тарыхчы же лингвист эмес, миссионер болгон, АКШдагы индеецтердин диндерин жана тилдерин (на-дене, атабаск ж.б.) иликтеген. Аталган макаласында кудайдын эң баштапкы аталыштарына кызыгып, алар кайдан чыкканын, кандай өзгөрүүгө учураганын бардык континенттердин мисалында кеңири изилдеп, бир катар негиздүү маалыматтарды келтирген.

Адам баласына тил бүткөндө анын баштапкы сөздөрү эки же үч тыбыштан куралганы белгилүү. Алардын ичинде та, ти, те, ди, де, ба сыяктуу эң эзелки уңгулар (морфемалар) универсалдуу мүнөздө болуп, бардык элдерге кеңири таралган. Аларды Фрейзер америкалык индеецтердин тилдеринен да тапкан жана муну алар континентке эски дүйнөдөн кыйла кийинки доорлордо ала кеткен деп эсептеген.

Бу морфемалардын баары жарыкчылык ааламды жараткан күчкө жана асманга тиешелүү болгон. Маселен, шумерлердеги "дингир" (дигир, димир) эки уңгудан - "ди" (искриться, блестеть) жана "гир" (молния, вспышка) деген турат. Түрктөр көктү Ти-гир формасында да айтышкан, ар үч жылда жай айларында ага багыштап курмандык чалып турушкан. Түштүк-Тынч океан чөлкөмүндөгү аралдар тутумунда кудайдын бир аты Тангароа делинет, бул полинез жана меланез тилдеринин ички мыйзамдарына багыныңкы форма. Ху Да (азыркыча кудай) аталымынын эң баштапкы варианты Гу ти болгон, ал гутийлердин башкы кудайын билдирген. Англиистердеги "год", немистердеги "готт", даниялыктар менен шведдердеги "гуд" жана башка ушул сыяктуу аталымдар "ху да" айтымынан келип чыккан. Орустардагы "бог", авестадагы "бага", богем (бем) тилиндеги "бух" байыркы Индиядан тараган. Эзелки жазмаларда "Куркус (орто-батыш Индия) табынган кудайдын аты Баг же Ваг Део" болуп айтылат. Китай тилинде бу жагынан эки термин жаралган: биринчиси - Шанг Ти (жогорку, улук ти), экинчиси – Тиен (асман). Хан оолатчылыгынын (династия) байыркы сөздүгүндө "тиен" мааниси боюнча "улуу" дегенди билдирген (Кудайдын баштапкы аттары.- The Gentile Names of God. Baker Book House. 1975).

Фрейзердин бул иликтөөсү, арийне, көмөкөйдөн үн чыгарганга, акыры барып сүйлөгөнгө мүмкүндүк берген анатомиялык органдар адамзат тукумунда бери дегенде 250 миң, ары барганда 500 миң жыл илгери пайда болгонун жоромолдогон моногенез теориясына, приматологияга, тилден мурда адамда ойлоо жөндөмү жаралганы жөнүндөгү көз караштан кайра жанданткан рекурсия (Michael Corballis."Recursive Mind: The origins of human language, thought, and civilization". Oxford University Press, USA, 1991; "The evolution of language". Annals of the New York Academy of Sciences.2009) концепциясына тикелей тиешеси жок, бирок дүйнөдөгү бардык тилдер түбү бир же эки уядан тараган деген көз караштан кармнышкан лингвисттердин (италиялык Альфредо Тромбетти, америкалык Джозеф Гринберг, россиялык Сергей Старостин, чехиялык Вацлав Блажек ж.б.) аңытын ырастайт. Ушул мааниде алганда taŋgiri сөзүндөгү уңгулар - ta, gir – арийлер менен шумерлерге чейинки доорлордон калган субстраттар болушу ыктымал. Мисалы, санскриттеги "ta" (ант), шумерлердеги eme-gir (өз тил) сыяктуу айтымдар ушундай ойго түртөт.

Айтмакчы, теңирчиликтин бардык баскычтарын таптиштеп чыгып, аны дүйнөдө эң биринчи пайда болгон ишенимдерге кошкон немец тарыхчысы Герхард Дөрфер (Gerhard Doerfer) taŋri ичкы түзүлүшү, айрыкча үнсүз -nr- тыбыштарынын айкалышы жагынан, дегеле жалпы түспөлү боюнча түбү түрк сөзү эмес деп эсептеген (Караңыз: О языке гуннов. Зарубежная тюркология. Вып. 1. М., 1986).

Иши кылып, илимде азыр бир нерсе гана анык: taŋri алтай кубар тилиндеги taŋgiri айтымынан тараган, ал эми taŋgiri кандай түшүнүктөрдөн куралганы, анын эң баштапкы формасы жана этимону кандай болгону али так белгисиз, болгону ар түрдүү жорум-жосмолдор гана бар. Алардын бири - Фрейзердин пикири, ал бизге кыйла ынанымдуу кыяз калтырат.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)

29 03 2024

kyrgyztili@mail.ru

# СӨЗ ЖӨНҮНДӨ ЭТЮДДАР

## («Сөз дүйнөнү сактап турат»)



**Сулайман РЫСБАЕВ,
профессор, КРнын
Эл жазуучусу**

### 1-этюд: СӨЗ-ЫЙЫК, СӨЗ-КЕРЕМЕТ

Сүйлөп жатканы эле болбосо, бардык адам эле сөз биле бербейт. Сөз билген адам анын ички поэтикасын, тышкы музыкасын сезет, туят. Сөз билген адам сүйлөсө - ал ырдап тургансыйт!

Сөз, адамдын ички жигерин аныктап билгизет. Сөз билген, анын баасын, күчүн туйган адам таасын, так сүйлөйт, тандап, таап айтат. Өз учурунда гана айтат. Ага ошол акырын айткан бир ооз сөзү жетиштүү болот. «Сөз билген адам таап сүйлөйт, билбеген адам каап сүйлөйт» деген ошол.

Керек учурда гана айтылган сөз өз угуучусун табат. Ал сөз - дарыга, алтынга тете. Ошол үчүн «айтар сөзүң - алтын болсо, унчукпай тек турганың - күмүш» - деген эмеспи элибиз.

Сөз - адамдын маданияты. Куучирендиги эмес, адамдын сөзү, жүрүм-туруму гана анын маданияттуулугун айгинелейт.

Адамды адам менен бириктирген - сөз, аны ажыраткан дагы - сөз.

Сөз - улуу тарбиячы, акылман насааатчы, мыкты мугалим. Жоокердин куралы - кылыч, соттун куралы - түрмө, жасоолдуку - ай балта. А тарбиячынын куралы - сөз. Ал курал баарынан күчтүү, курч да, баарынан өткүр. Сөз кандай болсо - тарбия да ошондой болмокчу. Демек, сөз баарынын башаты да, баарынын натыйжасы дагы.

Сөз - адамдын өзү, автопортрети. Эл билген аким сөз билген чеченге башын ийиптир. Эл билген - улуу эмес, сөз билген - улуу. Эл билген акимдин артында бийлиги калбайт. Сөз билгендин артында сөзү калат.

Ошол үчүн элибиз: «Жылуу сөзгө жылан ийнинен чыгат», «Ачуу да сөз, таттуу да сөз», «Сөз менен жаралайт, сөз менен айыктырат», «Өнөр алды-кызыл тил», «Сөз өлтүрөт, сөз тирилтет», «Ок жарасы бүтөт, сөз жарасы бүтпөйт» - деп бекер айтпаган.

Бөзгө таарынган дос эмес, дос сөзгө таарынат. Дарыгердин биринчи дарысы - сөз. Баатырдын кылычы да, элчинин күчү да - сөз. Адамдын бактысы да, шору да сөз. Адамдын жүрөгүнө сөз менен гана жол таап кирет. Сөз - керемет ачкыч.

Падыша өлсө анын алтын тагы башка кишиге өтөт, а даанышман өлсө, анын сөзү өзүнүкү бойдон калат. Кийген киймиңе эмес, сүйлөгөн сөзүңө жараша ызат-сый көрөсүң. Эл көзүңө эмес, сөзүңө карап ишенет.

Адамдан жан кеткени - сөздүн кеткени, а сөздүн кеткени - жандын тирүү туруп кеткени. Жаның туруп сөзүңдүн жоктугу - жаныңдын жоктугу - ошо, дей бер. А жаныңдын бар экенин сөзүң менен далилде.

Адамдын келбети - анын сөзү. Адам ансыз деле сулуу жаралган. Сулуу сөзү - анын ажарын ого бетер ачат. Сөзү сулуунун өзү да сулуу. Өзү сулуунун сөзү да сулуу болсо - анын ажарынан нур төгүлүп турганы.

Алтын, күмүш менен чегеленип бекитилген нерсе да сынып ажырайт, а сөз менен чегеленип бекиген убада эч качан ажырабайт.

Сөз - байлык. Оозунда сөзү бар адам алтынга карк байдан да бай. Алтынга карк адамдын оозунда сөзү болбосо - аны жардынын жардысы дей бер.

Байлыктан алтын - баалуу болсо, сөз - андан да баалуу. Адамды алтын берип алдай да, ишендире да албайсың. Андан көрө адам сөзгө ишенип, сөзгө алданып калары бышык. Анткени сөз - оттон да тез эритер бир керемет.

Ар нерсеге адам а дегенде сөзү менен жетет. Сөздүн башталганы - иштин башталганы. Сөз кандай башталса - иш да ошондой башталмакчы, иш да ошондой уланмакчы. Сөз кыйшайса - иш да кыйшаят.

Сөз - адамдын ички бугу, деми. Сөз чыкпаса - адамдын ички бугу чыкпайт, эс албайт. Сөз менен ички бугун чыгарып, чер жазышып сүйлөшүп алуунун өзү эбегейсиз зор бакыт.

Чай ичишкендер дос эмес, «сөз ичишкендер» дос, анткени чай ичишкен достордон «сөз ичишкен» достук бекем болор.

Сөз болбогондо ажайып сүйүүнүн улуу сырлары ачылбас эле го. Махабат лаззаты менен муңу сөз менен гана жетет сүйгөн жарга. Сүйүү ысык болсо - сөзү да ысык болор. Сөз - сүйүүнүн ыйык символу. Сүйүү таттуу болсо, сөз да ширин, мылжың болсо, мылжың болор. Сөз бүткөнү - сүйүүнүн бүткөнү дей бер.

Эненин мээри сөз болбосо, кантип сүтү ийимек бөбөккө. Сөз болбосо, атанын акылы кайдан айтылмак балага. Сөз болбосо, эрдин шерти кайдан бекимек!

Наристенин алгач ирет ыңаалаганы да - сөз, биринчи шыңгыр күлкүсү да - сөз. Адам акыретке кетип жаткандагы акыркы деми да - сөз.

Сүйгөн жардын сырдуу жылмаюсу да - сөз, көз жашы да - сөз. Сүрөтчүнүн боёгу да, музыканттын ар бир нотасы да - сөз. Арифметиканын шыгыраган цифрасы да, геометриянын чексиз сызыгы, дүйнөнүн улуу картасы да - сөз.

Ыйык куран дагы, адегенде, сөздөн башталган.

Океандай улуу эпос «Манас» да сөздөн жаралып, сөз бар үчүн жашап келатат!

Жамгырдын көнөктөп жааганы да, мөлтүр булактын жылжып акканы да, шамалдын улуганы да, деңиздин албуут толкуну да, таштын кумга айланып талкаланганы да, жалгыз теректин шуулдаганы да, күчтүү мотордун дүрүлдөгөнү да, улуу тоонун көк тиреп турганы да, улуу океандын чалкып жатканы да, жаш күчүктүн борс этип үргөнү да, жөжөнүн чыйпылдаганы да, жаш көчөттүн бүчүр ачып өсүп келатканы да, назик гүлдүн баригинин жаңы ачылганы да, бийчинин чимирилип бийлеп жатканы да - сөз.

Ооба, ушунун баары, баары... - сөз!!!

Аалам кеңдиги кандай чексиз болсо, сөздүн чеги андан да чексиз. Дүйнөдө чексиз нерселер көп, ошонун бири дал ушул - сөз.

Сөз түгөнбөйт, дүйнө да түгөнбөйт. Дүйнөнүн акыры болор, бирок сөздүн акыры болбос. Анткени, дүйнөнү таанып билүүнүн, аны кайра-кайра таанып билүүнүн акыры болбос.

Сөз айтылбай койбойт, а ок атылбай кала берүүсү мүмкүн. Бирок айтылбоочу сөз да болот. Ошол айтылбоочу сөз - сөздөрдүн күчтүүсү. Айтылбоочу сөздү түшүнгөн адам гана түшүнөт. Ал күчтүү адам.

Үнсүз тиктешип туруунун өзү да сөз. Ал сөздүн түгөнүп калгандыгы эмес. Ал - үнсүз айтылчу сөз, үнсүз сүйлөшүү деген - ошол. Ал - сүйгөн жарлардын сөзү. Аны сүйгөн жарлар гана түшүнөт. Эх, ошол, сүйүшкөн жарлардын үнсүз сүйлөшкөн сөздөрүнөн да ыйык сөздөр болобу?

Күчтүү, сезимтал адамдар гана сөздү көз караштан түшүнүшөт. Сөздү айттырбай түшүнүүнүн өзү керемет.

Сөз - ошондой улуу, ошондой ажайып керемет нерсе. Ошол үчүн сөздү ыйык туталы, урматтайлы. Аны көрүнгөн жерде талпактай сүйрөй сүйлөп, кадырын кетирбейли, таза сактайлы. Сөздү урматтап, таза сактаганыбыз - өзүбүздү урматтаганыбыз, өзүбүздү кадырлаганыбыз, өзүбүздүн ыйманыбызды таза сактагандыгыбыз. Анткени биз адамбыз, сөз билгенибиз - биздин адам экенибиздин улуу белгиси!!!

### 2-этюд: СӨЗ-АДАМДЫН МАДАНИЯТЫ

Бир сөздү айтып алып кейийсиң, а бир сөздү айтпай калып кейийсиң. Айтып алганыңда бирөөнүн жүрөгүн оорутуп алганыңда бир кейийсиң, а айта албай калып, өзүңдүн жүрөгүңдү оорутуп, экинчи кейийсиң...

А бул - адамдын ыйманына тийиштүү го. Адам ыйманы эки нерседен көрүнөт экен: биринчиси - тил адеби, экинчиси - жүрүм-турум адеби. Ошол үчүн «тилиң - ыйманың» деп бекер айтылбайт тура.

Адептүү адам, адегенде, айтар сөзүнүн угар адамын табат. Уга турган адамы болсо - сырын ачат, жан сырын төгөт. Укпас болгон соң - кайран сөздүн желге кетерин туюп, айтпай тек коёт. Бул - бир. Экинчиси - айтар сөзүнүн айтылар убагын тандайт. Айткан сөзү өз убагын тапса, уккан адамдын кулагына алтын сырга илинет. Убагында айтылган сөз, уккан адамдын кулагынын кычуусун кандырат. Ачка туруп курсагы тоёт. Үчүнчүдөн, айтар сөзүн айтуунун кыраатын, үнүн таап айтат. Жылуу сөз, жумшак үн - адамга жибектей оролуп, бойду жибитет. Ооруңду айыктырат. Улууга да, кичүүгө да, оорулууга да, соого да, жумшак үн менен жылуу сөз жагат. Мындай касиет-сапаты бар адамды ар дайым урмат-сый жандайт, адамдарды өзүнө тартат. Адамдын тилинин жана ыйманынын маданияты - анын эки канаты.

Төртүнчүдөн, сөз - адамдын жеке маданияты гана эмес, сөз - улуттун маданияты. Биз сүйлөп жатып өзүбүздүн жеке маданиятыбызды гана билдирбейбиз, улутубуздун сөз маданиятын билдиребиз. Ошон үчүн сүйлөгөндө, улутубуздун намысы - биринчи туруусу кажет! Кыскасы, улутубузду уят кылбай, таза жана адептүү сүйлөй билсек дейм.

Бешинчиден, сөздү «чыдабай» баратсаң гана айт - деп кеңеш берер элем. Болбогон сөздү божурай берүүнүн: аны угабы, укпайбы-ойлонбой эле оозунун желин самандай сапыра берүүнүн өзү да адамдын адепсиздигинин бир деңгээли. Кээде бир мүнөздүү, бир сырдуу адамды жолуктуруп калабыз. Андайлар «кааласа айтат», «каалабаса» «оозунун желин болбоско чачпайт». Анткени алар сөздүн маани-маңызын туюп айтат, салмактап сүйлөйт.

Кээде айтпай калган сөзүң ичиңде калса деле эч нерсе болбойсуң. Айтайын деген адамың сенин бир сөзүңдөн эле оюңду түшүнсө - кандай гана бакыт! А кээде жүз айтып аткарта албаганды бир айтып орундатып алган учурлар болот. «Жаман атка миң камчы, жакшы атка бир камчы» деген ошол эмеспи.

Айтар сөзүңдүн орундуулугу уккан кулактан ордун тапканы ошол. Орундуу айтылган сөз - коргошундан да салмактуу. Андай сөз аткарылбай калбайт. Орундуу сүйлөгөн адам элди оозун каратат. Орундуу сөз айтар адам, адегенде, өзү салмактана калат. Анткени, анын айтар сөзү салмактуу эмеспи. Ошентип, оюу салмактуу адамдын өзү да салмактуу туюлат. А орундуу бир сөзү үчүн эл оозуна алынган адамдар сейрек учурайт.

«Орунсуз айтылган сөз - ок» делинет элибизде. Ал үч түрдүү учурайт. Биринчиси, адамдын кулагынан кирип, жүрөгүнө найзадай сайылат, адам сезимин жаралайт. Ошол үчүн «ок жарасы бүтөт, сөз жарасы бүтпөйт» деп туура айтышат. Элибиз ошол үчүн, орунсуз болорун туюп, жактырбаса да жамандыктын атын тергеп, башка сөз менен айтууну туура көрүшөт. Экинчиси, орунсуз айтылган сөз айткан адамдын өзүн уятка калтырат. Орунсуз сөз айтып алуу - онтобой ооруганга тете.

Кадимки Кемчонтой ошол үчүн «Кемчонтой» экенин өз сөзү менен өзүн далилдеген эмеспи. Адеби кем адам ошентип орунсуз сүйлөп алып, өзүнүн ким экенин өзү айттырбай таанытат. Орунсуз сөз кээде жүрөккө да жетпейт, кулакка да угулбайт, шамалга текке кетет. Аны эч ким укпайт. Анын орунсуз экенинин дагы бир белгиси - ошол.

Айтар сөзүнүн ченемин билгени да ал адамдын маданиятынын бир белгиси.

Тил тазалыгы да өзгөчө баалуу экени белгилүү. Тилдин тазалыгы менен пейил тазалыгы экөө эки башка экенин кээде айрып билбейбиз. Дилиң таза болбогон соң, тилинин тазалыгынын эмне кереги бар! Пейили, дили таза эмес адамдар сөзгө өтө маани берип, ал сөзүн курал катары пайдаланып, адамды алдоо үчүн жанталашат. Тили таза эмес адам - тилди булгайт, аны көрүп башкалар башкалардыкын булгайт. Ойкуштата сүйлөгөн адамдын сөзү башкаларга кээде «жаңы» нерсе көрүнүп, кулагында калат. Анда эле ал сөз «модага» айланды дей бер. Элибиз айткандай, андай «бир карын майды чириткен бир кумалактар» арабызда көп.

Көркөм чебер сүйлөгөнгө не жетсин! Көркөм сүйлөөнүн өзү да талант. Көркөм сүйлөгөн адамдын таланты - ырдаган адамдын талантынан ашып түшпөсө, кем калбайт. Анткени, элдин көпчүлүгү эле жакшы, көркөм ырдай алышы мүмкүн, а элдин баары эле көркөм, чебер сүйлөй бербейт. Анын үстүнө, ырды адам жаттап ырдайт. Ал сөздү жаттап сүйлөбөйт, сөз көөдөндөн кумдай куюлуп төгүлүп турат, а ыр көбүн эсе «ооздон» төгүлөт. Жүрөктөн төгүлгөн ыр чанда болот.

Акылдуу сүйлөгөн адамдын баары эле акылдуу эмес. Наадандар акылдуу сүйлөгүлөрү келишет. Алар ошол «жаттап» алган акылдуу сөздөрү менен акылдуу көрүнүүнү самашат. Ошол үчүн бир акылман: «акылдуу коос сүйлөгөн адамдардын ичинен чыныгы адамдык сапатка ээ адамдар чанда кездешет» - деген экен.

А чыныгы акылман, ыймандуу адамдар көркөм, акылдуу сүйлөсө - ал адам көркүнө гана чыгар эле. Анткени, адамды кийим гана эмес, анын сөзү, пейили кооздойт эмеспи.

Сөзгө бай адам - баарынан бай экенин анча баалабайбыз. Бөзгө бай бирөө сөзгө бай адамды кичи деп теңсинбейт, ошонусу менен ал өзүнүн жарды экенин да туйбайт. Сөз жыйнаган «дыйкан» бөз жыйнабайт, бөз бербеди деп таарынбайт, сөзүн укпаганга таарынат. Анткени анын жаны, каны - сөз. Сөзү кетсе, жаны кеткени ошо...

*(Уландысы бар)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)

29 03 2024

kyrgyztili@mail.ru

# АК ШААР, АШХАБАД!



**Кадырали КОНКОБАЕВ, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер**

Чоң империя тарап, көз карандысыз мамлекеттер биринин артынан бири пайда болду. Өз эркиндиктерин жарыялашкан отуз жыл бир адамдын өмүрүндө узактай көрүнгөнү менен элдин, мамлекеттин тарыхында бир көз ирмемдей эле убакыт...

Буйрукка айла жок экен, күтүүсүз жерден Түркмөнстанга жол ачылды. 1970-жылдардын ортолорунан баштап, 2000-жылдарга чейин дайыма байланышта болуп келген Түркмөнстандын түркологокумуштуулары менен болгон жакын байланыштар өтө сейректешип кеткен эле. Кудай жалгап, "көктөн тилегеним" өзүнөн өзү аткарылганына шүгүрлүк кылып, ушундай жолду ачкандарга терең ыраазычылыгымы ичимден билдирип отурамын. Себеби, түрк элдери тарыхта жана азыр да жашаган жерлерди көп кыдырдым. Бирок, негедир Түркмөнстанга жол түшпөгөн эле... Тышкы иштер министрлигинен "Агай, саламатсызбы? Мен Айгериммин, Тышкы иштер министрлигинен. Сиз Түрк академиясында иштеп жүргөнүздө көп байланышчу элек. Эстедиңизби?" деген суроо салды. Дароо эстедим. "Министрибиз Жээнбек Молдокановичтин тапшырмасы. Түрк мамлекеттер уюмунун Аксакалдар кеңешинин жыйыны Ашхабадда өтөт экен. Топтун курамына сиз да кошулдуңуз. Барасызбы?" деди. Эки күн ичинде керектүү иштер аткарылды. Тышкы иштер министрлиги, Айгерим Жакыпбекова кызыбыз, Аксакалдар кеңешиндеги кыргыз аксакалы Медеткан Шеримкулов агай да кыргыз делегациясынын бул жолку сапарына жигердүү жардамдарды беришип, уюштуруу, даярдык иштери ойдогудай аткарылды.

Түрк мамлекеттер уюмунун Аксакалдар кеңешинин 15-жыйыны 11 – 12-март күндөрү Түркмөн калкынын Улуттук Лидери, Түркмөнстандын Калк Маслакатынын Башлыгы Гурбангулы Бердимухамедовдун чакыруусу боюнча Ашхабаддын ("Ак шаар, Ашхабад" (Ak Säher Aşgabad) эң кооз курулган, өзгөчө ыңгайлуу "Гарагум" ("Кара-Кум") отелинде өттү.

Бул отелдин көзгө дароо илинген архитектуралык өзгөчөлүгү – түркмөн жериндеги Кара-Кум чөлүнүн катмарланып жаткан кум дөбөлөрүн, байыркы түркмөн калкынын маданият үлгүлөрү байкалып турган түркмөн калкынын улуттук жүзү, колорити, материалдык жана рухий маданияты: түркмөн боз үйү, чөлдөрдөгү жолу түгөнбөгөн төө кербендери, айтор, тарыхы түрктүктүн тереңдеринде жаткан түркмөн калкы жана жери отелдин архитектурасында айдан ачык байкалып тургандыгы көзгө урунат экен...

### "Гарагум" отелинин башкы бөлүгү.

Бир кылка кийинишкен түркмөн жигиттеринин үнсүз, шыбыртсыз, зыңкыйшып кызмат кылгандары таң калтырбай койбойт. Бардык жерде тартиптүүлүк, кадимки түркмөн калкынын конок тосуу каадаларынын, салттарынын түркмөн жигиттеринин аракеттеринен көрүнүп тургандыгы бир жагынан өөн көрүнгөнү менен, экинчи жагынан түркмөн калкынын кадимки конок тосуу наркы байкалды.

Албетте, башында эки ача пикирде калганыбыз менен "Ак шаар, Ашхабадды" эки күн ичинде көргөндөн кийин Түркмөнстан Республикасындагы өзгөрүүлөргө менин ичим чыкты. Себеби, жаркыраган жаңы шаар адамдын көзүн тайгылтып, чексиз кубандырат экен. Кооз аппак 4 – 9 кабаттуу үйлөр, айрым үйлөрдүн, мекеме жайлардын эң үстүңкү кабаттындагы кырлырына жазылган кыска мекеме-жайлардын аттары, Бишкек шаарындагы ар түрдүү тилдерде жайнаган мекеме-жайлардын аттары, жарнактар, рекламалардын бири жок. Жалаң гана латын түркмөн алфавити менен жазылган түркмөнчө энчилүү аттар... Аттиң ай, дешке аргасыз болосуң!

Азыркы коммуникациянын өркүндөгөн заманында, Батыштын эркиндик түшүнүгү, демократиясы аалам элдерине мажбурланып, колдонулушу талап кылынып, кылымдар бою калыптанган элдик түшүнүктөрдү жат таасирлерге туруштук бере албай жаткан учурларында, балким, түркмөн калкынын тандаган нейтралдуулук, бейтараптык жолу туурадыр деген да ойго келет экенсиң!

Кандай болгон күндө да, ар кандай саясий, коомдук бийлик режимдеринде эл үчүн, мамлекеттин келечеги үчүн адилеттүүлүк принциптери башкы орунда болушу зарылчылык. Муну дүйнө элдеринин тарыхый кечмиши көрсөттү го...

"Ак шаар, Ашхабад", менимче, ааламдагы бүгүнкү күндүн эң кооз, анда жашаган тургундардын өзгөчө ыңгайлуу шаары болуптур. Шаардын түптүз көчөлөрү, тротуарлары, жака белине тигилген арча, карагайлар, чакан аянтчалардагы гүл бакчалар, алар куурап калбасы үчүн тегиз түптөрүнө өткөрүлгөн тамчылама сугарма системалары, шаардын өзгөчө тазалыгы, таптакыр чаңдын, тоз-топурактын жоктугу таң калтырат. Аргасыздан, "Атаңа баракелде!" - дейсиң.

Акылдуу "Архадаг" шаарынын бир бөлүгү деген келет экен.

Ак шаар, Ашхабадда жалаң гана ак түстөгү машиналар колдонулат режимдер, бийлик башындагылар өзгөрүлөт, алмашат. Ал эми "Ак шаар, Ашхабад" көз карандысыз Түркмөн мамлекетинин жаркыраган борбору болуп кала берээри ар кимге белгилүү го...



Чыгыш теги эң жакын түркмөн калкы, анын азыркы жана келечек урпактары жашап жаткан жана жашай турган урпактарынын ушундай шаарда жашагандыктарына мен кубандым. Өзүм жашагандай болдум десем да болот. Мунун бир себеби бар. Түркмөнстандын белгилүү ономаст-окумуштуусу, бир жагынан менин устаттарымдын бири, экинчи жагынан, калемдеш агам Солтанша Атаниязов (1981-жылы менин китебиме пикир жазган эле) агайым 1988-жылы орус тилинде "Словарь туркменских этнонимов" (Словарь туркменских этнонимов / С. Атаниязов; Под ред. П. Азимова, М. Аннанепесова; АН ТССР, Ин-т яз. и лит. им. Махтумкули. - Ашхабад: Ылым, 1988. - 179 с.) деген эмгегин жарыялап, ошол эле жылы сентябрь айында Фрунзе шаарында өткөрүлгөн "V Бүткүл союздук түркология конференциясына" да катышкан) деген сөздүгүндө, андан мурда жарыялаган илимий монография макалаларында түркология биринчи жолу кыргыз жана түркмөн уруу аттарын (этнонимдерди) салыштырып, кыргыз, түркмөн уруу, урук аттарынын 80 пайыздайы опокшош экендигин далилдеген эле.

Түркмөн таануу, кыргыз таануу илимдери мезгилдин өтүшү менен, жаңы илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча түркологиялык багыттагы иштер мындан ары активдүү колго алынат деген үмүтүм чоң. Анткени, 1975-жылдардан баштап, түркмөн элинин атактуу окумуштуусу Бешим Чарыяров ага менен тыгыз байланышта болдук. Бизди илимий жетекчибиз Н.А. Баскаков Москвада СССР илимдер академиясынын Түрк жана монгол тилдер бөлүмүндө тааныштырган эле. Бешим агай менен 1990-жылдардын баштарына чейин дайыма байланышыбыз үзүлгөн эмес. Андан башка да түркмөн окумуштуулары, жазуучу, киночу, сүрөтчүлөрү менен болгон чыгармачылык байланыштарыбыз жанданса жакшы болот эле... Кудай буюрса, мындан ары байланыштар чыңдалат окшоп калды.

Мунун далили катары 11 – 12-марттарда Түрк мамлекеттеринин аксакалдар кеңешинин кеңейтилген курамдагы 15-жыйынын Түркмөн элинин улуттук лидери Гурбангулы Бердимухамедов мырзанын демилгеси жана жетекчилигинде эң жакшы маанайда өткөрүлгөн жыйынды айтсак болот.

Экинчи бир жагдай: 2024-жылдын 26-марты күнү "ТҮРКСОЙ" тарабынан демилгеленген жана жарыяланган 7000 жылдык тарыхы бар Анау (түркмөнчө: Әnev) шаарынын Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору болуп жарыяланышы да кубандырбай койбойт.

Түрк мамлекеттери курган Түрк мамлекеттер уюму, "ТҮРКСОЙ", Түрк академиясы, "Мурас" фондулары – түрк бирлиги үчүн алгылыктуу иш-чараларды өткөрүшүп, бир топ илимий, маданий, экономикалык, саясий ийгиликтерди жаратып жаткандыктарын баса белгилөөгө болот. Айрыкча, кезек келгендиги башчылык кылуудагы Түрк мамлекеттер уюмунун башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев мырзанын, "ТҮРКСОЙдун" баш катчысы Султан Раев мырзанын алгылыктуу иштерине кыргыздардын сыймыктанчу жагдайлары бар дегим келет.

Ушул жерде эки азаматтын аттарын атай кетким келди.



Себеби, бул эки адам түрк элдеринин маданий байланыштарын чыңдоодо өз учурларында эбегейсиз кызмат кылышты. Мен ошолордун тикелей катышуучусу жана күбөсү болдум. 1991-жылдан баштап жана кийинки жылдарда ошол жылдардагы Түркия Республикасынын маданият министри, кийин Президент кеңешчиси кызматтарын аркалаган Намык Кемал Зейбек жана 14 жылдай үч мөөнөт катары менен "ТҮРКСОЙ"дун баш катчысы болгон Дүйсен Касеинов агалардын тарыхта калган эмгектери – азыркы түрк элдеринин, мамлекеттеринин өз ара интеграциясы үчүн эбегейсиз тарыхый мааниге ээ болгон.

Ал эми Түрк мамлекеттер уюмунун аксакалдар кеңешинин Ашхабадда өткөн 15-жыйынында түрк интеграциясынын учурдагы эң актуалдуу маселелери талкууланды, Түркмөн элинин улуттук лидери, элчи Кубанычбек Өмүралиев, Түркия аксакалы, Аксакалдар кеңешинин төрагасы Бинали Йылдырым, Кыргызстан аксакалы Медеткан Шеримкулов, ошондой эле, Казакстандын, Өзбекстандын, байкоочу Мажарстан аксакалдарынын мазмундуу сөздөрү катышуучуларды кубандырды. Түрк аксакалдарынын кийинки жыйыны күз айландарында Мажарстандын борбору Будапеште өтө тургандыгын Мажарстан аксакалы Тилки Атилла мырза билдирди.

Дагы бир орчундуу маселе – орток түрк латын алфавитинин түрк мамлекеттериндеги кабыл алынышы жана колдонулушу болду. 33 жылдын ичинде ондогон илимий, практикалык конференция, конгресс, симпозиум, жыйындар өткөрүлдү. Көпчүлүгүбүз алардын катышуучулары, күбөлөрү болдук. Ушул жылдар ичинде Азербайжан Өзбекстан, Түркмөнстанда кабыл алынган латын алфавиттери түрк интеграциясы үчүн толук кандуу, талапка ылайыктуу, түрк тилдеринин тыбыштык өзгөчөлүктөрү бирдей, окшош болуп турса дагы аларды тамга менен белгилөөдө ар түрдүүлүк өкүм сүрүп келүүдө. Бул абал азыркы түркмөн латын алфавитине да мүнөздүү. Айырмачылыктар өзбек жана азербайжан, түркия түркчө алфавитинде да орун алууда. Казакстанда мына 7 жылдан бери бир пикирге келе албай келишүүдө. А Кыргызстан 90-жылдарда катуу киришип, белгилүү жагдайлардан улам кыргыз тили латын алфавитине өткөрүүнү кечеңдетип келүүдө. Жалпы түрк бирмдиги, кеңири мастшабдагы өз ара интеграция – түрк мамлекеттеринин ар биринин өз алдынча кубаттуулукка жетишүүсүнө жол ачат. Биримдик, ынтымак, алфавит бирдиги – түрк элдеринин тарыхый муктаждыгы. Бул биримдик жалпы адамзаттын келечек ынтымактыгына өбөлгө болот. Куру саясат жасоо, бул биримдиктен "бөйрөк-шыйрак" чыгара берүүнүн эч бир негизи жок.

**2024-жылдын 28-марты**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)
29 03 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Тил саясаты жана турмуш



**Маматали МУРЗАЕВ,**
**И.Арабаев атындагы КМУнун Педагогика жана психология институтундагы психология бөлүмүнүн доценти, психология илимдеринин кандидаты, доцент**

Элибиз ынтымакта жашап, мамлекетибиз өнүгүп-өсүүсү үчүн, Кыргызстан өнүккөн мамлекетке айлануусу үчүн мамлекеттик идеология зарыл. Идеологиянын бир бутагы тил идеологиясы.

Жаш муундарга улуттук таалим-тарбия берүү системасын иштеп чыгууда жана аны практикада колдонууга өтүүдө тил идеологиясы негиз болот. Ошондон тил идеологиясын иштеп чыгуу зарыл.

### Тил коомдук турмушка жараша өнүгөт.

СССР убагында кыргыз тилинин кызматын, колдонулушун чектөө, кыргыздардын орус тилин үйрөнүүсүн күчөтүп, коомубузда "киргиз" дегенди жаратты. Алар орус тилин жакшы билгени менен кыргыз элинин жашоо образын, баалуулуктарын жерип, орустардын жашоо образы, баалуулуктары ж.б. менен жашап калышты.

СССР мезгилинен тарта орустардын жашоо образы, баалуулуктары ж.б. менен жашаган кыргыздар - "киргиздер" кыргыз коому үчүн көп тоскоолдуктарды, көйгөйлөрдү жаратты. Алсак, азыркы күндө коом өзгөрсө да киргиздер өзгөрбөй, эгемендүү өлкөдө мамлекеттик тилдин ишке толук ашышына өздөрүнүн терс таасирлерин (тоскоолдуктарды жаратып) тийгизип жатышат.

СССРде кыргыз тили керексиз тил болуп калгандан, атайын 1989-жылы 23-сентябрда мамлекеттик тил боюнча мыйзам кабыл алынган.

Мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынышы кыргыз тилине болгон саясый мамилени, социалдык установканы өзгөрттү.

Тилге байланыштуу жаралаган улуттук көйгөйлөр катары төмөнкүлөр белгиленет:

- мамлекеттик тилдин ойдогудай өнүкпөй, мамлекеттик деңгээлде толук колдонулай жаткандыгы жана мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын толук кандуу иштебей жаткандыгы.
- эл арасында чет тилдерди үйрөнүүгө басым жасоонун күчөшүнөн келечекте кыргыз тилинин жок болуп кетүү коркунучунун жаралгандыгы.
- эне тилибизди мамлекеттик тил катары өнүктүрүүдө интеллигенциянын коомдо авангарддык милдетин аткарбай жаткандыгы.
-кыргыздардын, айрыкча жаштардын арасынан бөтөн диндерге өткөндөрдүн санын өсүү тенденциясынын күчөшү жана алардын араб сөздөрүн колдонуусунун күчөшү эне тилибиздин колдонуу чөйрөсүн азайтат жана эне тилдин коомдук ролун төмөндөтүүгө өз таасирин тийгизет.
- глобалдашуу жана маалымат технологиялары өнүккөн мезгилде кыргыздардын бөтөн маданиятка сиӊип кетүү коркунучунун күчөшү ж.б.у.с. кыргыз ти жана анын тилин сактап калуу жана өнүктүрүү багытында иш жүргүзүүнү талап кылат.

Ар бир тил уникалдуу жана кайталангыс. Бирок кыргыз тилинин бузулуп жатканына далил өтө көп. Буга журналисттер, айрыкча блогерлер, да өз салымын кошуушууда. Азыр тилибизде өтө туура эмес колдонулган сөздөр, сүйлөм куруу көп. Алардын кыргыз тилинин табиятына туура келбей тургандыгы жана так маанини билдирбей тургандыгы сезилет. Бизде кыргыз тилден илимдин доктору жана профессору көп, алардан майнап жок экендиги көзгө даана көрүнөт.

Эгемендик жылдарда да Мамлекеттик тил мыйзамынын толук ишке ашпашынын көп себептери бар. Анын негизгилери ички душмандардын каршылыгы, тил идеологиясынын жоктугу жана кыргыздардагы кайдыгерлик. Ушул саналган факторлордун ар бирине кененирээк токтололу.

### Илимде "этноцид" деген түшүнүк бар.

Этноцид деп, элди, улутту жок кылууга багытталган иш-аракеттер тутуму айтылат.

Азыркы кезде кыргыз элине карата этноцид жүрүп жатат десек туура болот. Буга турмуштан дилилдер көп. Кыргыздарга карата этноцид аракеттерди тышкы жана ички деп экиге бөлүүгө болот:

1.Тышкы таасирлер – тышкы душман өлкөлөрдүн атайын кызмат адамдары тарабынан системалуу түрдө узак жылдар бою жүргүзүлөт.

2.Ички таасирлер – улутка кирип калган ички душмандардын кек алуу максатындагы улутту жок кылуу иш аракеттери жана элдин жашоо образынын өзүн-өзү өлтүрүүгө алып баруучу багыты.

### Биз ушул ички факторлорго-таасирлерге токтолобуз.

Жоопттуу кызматтарды ээлеген ички душмандарыбыз өз аракети менен, мыйзамда расмий тилге кеңири мүмкүнчүлүк берүү аркылуу ж.б. бут тосууларды жасап жүрүп Мамлекеттик тил мыйзамынын турмушка ашышына тосколдук кылып келишкен.

Кыргызстанда эгемендик жылдарда идеологиянын, анын ичинде тил идеологиясынын иштелип чыкпагандыгы Мамлекеттик тил мыйзамынын турмушка ашыруу багытында бирдиктүү иш алып барууга тоскоолдук кылган.

Кыргыздардын кайдыгерлиги, башка бирөө жасап бере тургандай мамиле жасоосу, өзүндөгү жоопкерчиликти сезбеши ж.б. таасиринен Мамлекеттик тил мыйзамынын турмушка ашышына ар бир кыргыз өз салымын кошкон жок. Аларда жоопкерчилик жок.

Ж.а., улуту кыргыз, бирок жан дүйнөсүндө мекенчилдик, атуулдук сезимдери жана сапаттары өнүкпөй калган мажирөөлөр Мамлекеттик тил мыйзамынын турмушка ашышына аӊ сезимдүү түрдө жана аӊ сезимсиз түрдө каршы болуп келишүүдө.

Азыркы кезде орус тилинен көптөгөн сөздөр сөзмө-сөз которулуп турмушка кирип кеткен учурлар көп кездешет. Алсак, телеберүүлөрдө жаӊы сөздөр колдонулган учурлар көп кездешет. На местах – жеринде деп которулса, действующая конституция- аракеттеги конституция болуп которулат. Ошондой эле "Дух берет, духу бар экен" ж.б. сөздөр көп учурайт. "Дух берет" эмес, "дем берет" - деп айтуу туура болот.

Жогорудагы коомдук кубулуштардан өлкөдө Мамлекеттик тил мыйзамынын турмушка ашышын заманга ылайыктоо максатында 2023 –жылдын 17 июлунда Президенттин жарлыгы менен Мамлекеттик тил мыйзамы кабыл алынды жана 2023-жылдын сентябрь айында Мамлекеттик тил мыйзамын турмушка ашырууга арналган эл аралык чоң форум өткөрүлдү.

Инсанды социалдаштырууда тил факторунун ролу чоӊ. Өз эне тилинде сүйлөгөндөр жана бөтөн тилде көбүрөөк сүйлөгөндөр, коӊшу элдердин тилинде сүйлөгөндөр, ар башка тилдерди аралаштырып сүйлөөлөр инсанды социалдаштырууга өз таасирин тийгизет.

Тил идеологиясы зарыл. Илимде аӊ сезим менен кеп (речь) биримдикте иштеше тургандыгы далилденген. Ошондон адам кайсы тилде сүйлөгөнүнө жараша, анын аӊ сезими өзгөчөлүктөргө ээ болот. Аӊ-сезим өзгөчөлүктөрү кишинен кебинен көрүнөт, кишинин кебине карап, анын кандай адам экендиги аӊдап билинет. Улуттук тилсиз улуттук мүнөздү калыптандыруу мүмкүн эмес.

Ойлонгон учурда киши дайыма ички кеп аркылуу сөздөрдү-түшүнүктөрдү колдонуп, өзү менен өзү сүйлөшүп ойлонот. Ал эми дудуктар болсо, сөздөр (түшүнүктөр) менен эмес, образдар аркылуу ойлонушат.

Эне тил каада-салт, жашоо образ менен байланышта. "Киргиздердин" өмүр бою кыргыз элинин каада-салтын үйрөнүп жүргөнүнө күбө болуп жүрөбүз. Анткени алар бала кезде кыргыздын каада-салтын, жашоо образын ж.б. үйрөнбөй калгандан, өмүр бою кыргыз боло албай кыйналып келе жатканына көрүп келе жатабыз.

Азыр көптөгөн ата-энелер балдарына чет тилдерин үйрөтүү максатында өздөрү акча төлөп өз балдарынын жан дүйнөсүнүн майып кылып жатышкандыгын билишпейт.

Ата-энелер акча барда балдарды чет тилине окутуп коелу деген максатта балдарын чет тилин үйрөтүүчү мектептерге окууга беришет. Мунун жакшы жагы бала эрте куракта чет тилин оңой үйрөнөт. Жаман жагы, эне тилин жакшы билбей калат, кыргыз дили калыптанбай арасат болуп ортодо маргиналь болуп калат. Жалпылап айтканда, ата-энелер мамлекеттик тилдин турмушка ашышына өздөрү тоскоолдук кылып жатышкандыктарын билишпейт.

Азыр Кыргызстанда чет тилин үйрөтүү мамлекеттин коопсуздугуна таасир өтүүчү тармакка айланып калды. Буга чет тилин үйрөтүүчү борборлордун көбөйүшү да себепкер болууда десек жаӊылышпайбыз. Азыркы кезде кыргыз коомунда чет тилин үйрөтүүчү мектептер эне тилибиздин жок болушуна өтө күчтүү таасир этүүдө. Анткени андай мектептерде кыргыз тили, аны менен кошо кыргыз дили үйрөтүлбөй, чет тили, чет элдердин дили үйрөтүлөт.

Чет тилин үйрөтүүчү борборлордо маргиналь инсандарды калыптандыруу негизги максат болууда. Маргиналь инсан - эки маданиятка ээ болуп ортодо жүргөн адам, өз элинин маданиятын чанып кетүүгө жөндөмдүү адам болот. Андайлар өз элине, жерине чыккынчылык кылууга жөндөмдүү болот. Дүйнөлүк саясат маргиналдарды өстүрүүгө багытталган. Ошондон өз тилдерин үйрөтүүгө аракет жасашат. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда батыштын англис тилин тилин алып жүрүүчүлөр (носительдер) келип үйрөтүп жатса, Оруссия Кыргызстанда орус мектептерди ачуу саясатын жүргүзүүдө.

Чет тилин үйрөтүүдө акыл менен иш тутулбагандыктан, коомубуз көйгөйгө толуп, элибиз катачылыктарга кептелип олтурат. Психикалык жактан оруулар (жиндилер) өздөрүн соомун дегендей эле, кыргыздар өздөрүнүн келесоо экендигин моюнга албай элдин өсүп –өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип жатышат. Эӊ башкысы алар эне тилинин жок болуп кетишине өз салымдарын кошуп жатышат.

Чет тилин үйрөнүүдө да кыргыздардын өксүк комплексинин көрүнүшү ишке ашат. Кыргыз элинин жашоосу "эл эмне дейт, элден калбайлы" деген пирнциптерге негизденип курулгандыктан, кыргыздардын жашоосу туулгандан өлгөнгө чейинки аткарылуучу бут ырым-жырымдар, каада-салттар ж.б. элдин сөзүнө калбоо үчүн аткарылат. Кыргыз элинде адамдар элдин сөзүнө калбоо үчүн жашайт жана бут кылган-неткени "показуха" үчүн – элге көрсөтүү үчүн, эл көрсүн үчүн болот. Бул адат балдарды чет тилдерине окутууда, умрага, ажылыкка барууда ж.б. таасын көрүнөт. Ошондой эле кыргыздардын алабармандыгы, ээрчимелиги балдарына билим берүүдөн да ачык көрүнөт. Ошондон кыргыздар балдарынын тилге болгон жөндөмдүүлүгүн эске албай эле чет тилин үйрөтүүчү мектептерге окууга берет, анда окуган балдардын белгилүү өлчөмү өзүн жөндөмсүз (акылы төмөн) сезип, психикалык жактан сынат. Ата-эне өзү акча төлөп өзүнүн баласын чет тилин үйрөтүүчү мектепте окутуп, баласынын тил үйрөнүүгө жөндөмү кандай экендиги эске алынбагандыктан, баласын психикалык жактан сындырат, өзүнө ишенбеген, өзүн жөндөмсүз деп эсептеген, өзүн-өзү баалоосу төмөн болгон бир макулукту жаратып алат.

Ал эми бала тил үйрөнүүгө жөндөмдүү болсо, эч тоскоолдуксуз эле бир нече чет тилин үйрөнүп алууга жетишет.

Кыргыз элинде балдарын орус тилдүү мектептерде окутууну баалашат. Ошол эле учурда баласынын кыргыз болбой калып жаткандыгын ойлоп да койбойт. Кыргыз болбой калды дегенде кыргызча ойлом, кыргыздык сезим калыптанбай калууда. Улут жок болуп кетүү коркунучуна кабылып олтурат. Бала эне тилин билсе, мекенчил болот. Эне тилин билбесе, космополит болот. Космополит инсанга курсагы тойсо болду, жыргап жашай берет, эл-жердин эртеӊи ойлондурбайт.

### Жаш муундарыбыз мекенчил болсун үчүн, эне тилин билүүсү керек.

Тарбия башаты үй-бүлө болгондуктан, балдарга эне тилди үйрөтүү да үй-бүлөдөн башталышы зарыл. Бул иште негизги роль ата-энеге жүктөлөт. Үй-бүлөдө эне тилди үйрөтүүнү биринчи орунга коюу, чет тилдерди үйрөтүү кийинки орунда болушу керек. Бизде элдин баалуулуктары өзгөргөндөн, ата-энелер балдарына чет тилин үйрөтүүгө ашыкча басым жасап, билбестиктен балдарынын жан дүйнөсүн майып кылып алып жатышат. Эн өкүнүчтүүсү ата-энелер балдарына тил үйрөнүүгө шык жөндөмү барбы-жокпу эске албай эле балдарын чет тилинде окуучу мектептерде окууга берип жатышат. Балада чет тилин үйрөнүүгө жөндөм жок болсо, окуу тозокко айланып, бала аябай жүдөп кыйналат, инсан катары калыптануусу бузулат. Натыйжада бала орулуу жана психологиялык жактан (балада "мен жөндөмсүзмүн, менин колумдан келбейт, мен психикалык орулуумун, акылым жакшы эмес" ж.б. ишенимдер жаралат) сынган абалга дуушар болот.

### Тил жаатындагы идеология

*1. Журналисттер жана блогерлер менен иш алып баруу.*

*Космополиттер, кино тарткандар, гезит, китеп басып чыгаргандар мамлекеттик тилдин талабына туура келбеген лексиканы колдонсо штраф менен жазалоо*

*2. Тил идеологиясын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу үчүн:*

*3. ЖОЖдор окуу китептери жок билим берип келүүдө.*

*4. Билим берүүнү жолго салуу, кыргыз тилинде окуган группаларды көбөйтүү..*

***(Уландысы 13-бетте)***

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3
(301)

29
03
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Кыргыздар менен Саян-Алтай түрк тилдүү элдердин ат жана ат жабдыктарына байланыштуу этно маданий жалпылыктары



**Болот Бообек уулу, тарыхчы**

Орто Азия чөлкөмүндө эң байыркы эл катары белгилүү болгон кыргыздардын жана Түштүк-Сибирдеги түрк тилдүү элдердин орто кылымдардагы тарыхын чагылдырган булактардан алардын маданий – чарбалык тибинде негизинен көчмөн мал багуучулук алдыңкы орунда болуп, ал тургай кыйла өнүккөндүгүн байкоого болот. Монголиянын түштүк жагындагы Суджин – Даван деген жерден табылган таш бетиндеги рун сымал кыргыз жазуу эстелигинде мындай саптар айтылат: “Уйгур жерине Йаглакхар кан ата келдим. Кыргыз уулумун. Мен Бойла, даражалуу сотмун. Куттуу Бага таркандын буйрук берүүчүсүмүн. Атакдаңкым (кабарым) күн чыгышка. Батышка жетти. Бай элем. Агылым (короом) он, жылкым сансыз эле” ...

VIII кылымдардагы “Юанши” кытай жылнаамасында кыргыздар суунун жана жайыттын ыңгайына жараша жер которгон көчмөн малчылар болгондугун кабарлайт. Алар мурдатан эле асыл тукум жылкыларды, ак жана кара түстөгү аңчы бүркүттөрдү көбөйтүү менен алектенишет деп көрсөтөт. Аталган маалыматтарды IX кылымдардыгы жазма булактар менен салыштыруу аркылуу, кыргыздар кытайларга “атагы чыккан аргымак жана бүркүттөрдү” тартуу кылып тургандын байкасак болот. Муну менен биз VIII кылымдагы кыргыздардын маданий-чарбалык уклады комплекстүү бойдон калып, жылкычылык маанилүү ролду ойногон деп айта алабыз.

Түштүк-Сибир элдеринин жылкыларындагы тектештик, окшоштук белгилер жана аларга басылган тамгалары тууралуу Тан династиясынын тушунда жазылган “Тан Хуяо” деп аталган булакта кеңири маалымат берилген. Анда жергиликтүү жылкы тукумдарын бир канча баскычтарга бөлүп караган. Тан династиясынын (VII- X к.к.) императордук расмий тарыхчысы Су Мяню, мамлекеттик маанилүү чиновник Ян Шао Фу жетектеген атайын комисиялар 618-804 жж., 804-852 жж., 853-907 жж. Тан Кытайына (618-913) кошуна элдердин жылкылары, жылкы тукумдары жөнүндө атайын “Танхуйяо” деп аталган маалымат жыйнагын топтошкон. Тан империясынын аскердик жана чарбалык керектөөлөрүн канаттандыруу үчүн зарыл болгон жылкылардын кайсыл элге, урууга таандык экендигин, жылкы тукумунун сапатына ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карата атайын адистер баа беришкен жана эн тамгаларын айырмалап көрсөтүшкөн. Аталган тарыхый булакта: 1) Гу – ли – гань (курыкан) жылкыларына адатта тамга салынбайт, анын ордуна кулактарына жана тумшуктарына белги түшүрүлөт. Курыкан жылкылары цзе – гу (кыргыз) жылкыларына окшош, айырмасы анча эмес экендигинен белгилешет жана кыргыз жылкыларындагы эн тамгалар көрсөтөтүлөт. 2) Си – ми (басмыл) жылкылары цзе – гу (кыргыз) жылкыларынын түрүндөй айырмасы анча эмес. 3) Ге – ло – лу (карлук) жылкылары (басмыл) жылкылары менен бир тектүү. Алтай тоолорунун батыш бетинде турушат. 4) Ба – и – гу (байырку) жылкылары менен бир туркүм. Сооруларында кара темгилдери көп, чаарлыгы илбирстин өңүндөй. Хань–хай (Хангай) бөксө тоолорунун түштүгүндө, Саян (Ю – лин) тоолорунун чыгышында, Байырку суусунун боюнда (Баргужин-Токум өрөөнүндө) турушат деп айтылат.

Кыргыздардын жана түрк элдеринин орток мурасы эсептелген Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде “... Жердеки тамгалуу жылкы (мал) муңсуз (сансыз) эле” деген саптарды байма-бай жолуктурууга болот. Байыркы мезгилдерден бери эле Алтайлык көчмөн – малчылар өзүлөрүнүн менчик малдарына эн белгилерди салышкан. Жылкыларга атайын темирден жасалган ар кандай (таңма) тамга үлгүлөрү даярдалган. Топтолгон табылгалар аркылуу аталган эн тамга үлгүлөрүн телеңгиттердин (теле – төөлөс уурусу) жана алтайлыктардын жылкыларына басуу үчүн колдонулгандыгын белгилешүүдө. Бул белгилер аркылуу малдын кайсыл элге, урууга таандык экендигин ажыратышкан.







Көчмөндөр дүйнөсүндө, алардын аң-сезиминде менчик малга кол салуу кылмыштын эң жогорку чеги катары эсептелген. Мал уурдагандар, сөзсүз, өлүм жазасына тартылышкан. В.В. Радлов алтайлыктар өз жылкыларын ээн-эркин коюшарын, менчиктеги эн тамгалуу жылкыга кол салуу кулак угуп, көз көрбөгөн кылмыш болорун байкаган.

Кыргыздарда жылкынын жашын так аныктоодо анын тишин карашкан. Жаш курагы төмөндөн жогору карай: жылкынын жаңы туулгандагысын – кулун, алты айлыгына – жабагы, бир жашында – тай, үч жашында – кунан жана кунан байтал, төрт жашында бышты, ургаачысын бышты байтал деп атаган. Ал эми төрт жаштан өткөн жылкыга, ийри мүйүздүү малга, төөгө жана бугуларга карата атайын асый аталышы колдонулат. Жаңы асый же бир асый, бешинчи жылдан соң эки асый, ж.у.с жыл ирээти менен улана берет [Юдахин]. Белгилүү советтик этнограф С.М. Абрамзон: “Асый” деген терминдин этималогиясы азырынча такталбаган бойдон калууда. Анын “азуу” деген түшүнүк менен байланышы бар экени жөнүндөгү жоромолду гана айтууга болот. Кыргыз тилинде дал ушул маанидеги “азуу” деген сөз бар, башка түрк тилдеринде“азаw”,“азы”, “азу”,“азiк”,-“азiг”,“азык”,“азук” деген формалар белгилүү.

Асый деген тыбыштык өтүүнү көрүү кызык болоор эле. Баардык жерде “с” тыбышынын учураганы мүнөздүү. Фразелогиялык мисалдар: жылкы асыйында азуу саят; жылкыда беш жашында азуу өсүп чыгат; азуу сай (жылкыда) азуусу чыкты (б.а. жылкы беш жашка карады) дегендер “асый” деген сөз азуу деген термин менен байланыштуу экенин көрсөтүп турат деп белгилейт.

Жогоруда айтылган асый тернининин азуу тишке байланыштуулугун төмөнкү тарыхый жазма жана фольклордук оозеки булактарда ырастайт. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө “азиглик ат” сөзү кездешип, ал жашы өйдө ат же азуу тиши бар жандык маанисинде берилет. “Семетей” эпосунда Тайбуурулду алтымыш асый катары сүрөттөп: Асыйын санап карасам / Алтымышка толду эле / Ушул быйыл Тайторум / Алтымыш асый болду эле деп айтылат.

Ургаачы жылкылар, негизинен азуу сайган эмес. Сейрек учурларда гана күлүк чыга турган ургаачы жылкы гана сайышы мүнкүн. Күлүк боло турган жылкы азууну эрте саят. Ошондой эле азуунун чыгышы анын багылышынан да болот. Эгер жаман багылса азууну кеч саяры.

А.А. Асанканов Хакасия, Тува, Алтайда жүргүзүлгөн эл аралык археологиялык жана этнологиялык экспедиция учурунда жалпы кыргыздар менен Түштүк-Сибир, айрыкча, түштүк алтайлыктар менен тувалыктардын мал чарбачылыгындагы окшоштук паралеллдерди жана дал келүүлөрдү байкаган. Алтайлык маалымат берүүчү жылкы жашынын аталыштарына токтолгон. Мисалы: тай, кунан, асый, жылкы кыргыздарда жана алтайлыктар окшош айтылаары белгилүү болгон. Бир гана “бышты” сөзүн көргөзө алган эмес.

В.Я. Бутанаев Саян-Алтайдагы түрк тилдүү элдеринде: хакас, тува, алтайлыктарда жана кыргыздарда жылкынын туулгандан бери карай жашына жана жынысына карата атылыштары дээрлик бирдей экендигине токтолот. Мисалы: Хакас тилинде – “чылгы ”, алтайлыктарда – “дьылкы”, тувалыктарда – “чылгы”, кыргыздарда – “жылкы”. Аталган термин байыркы түрк тилиндеги “yilqi” – бодо малына карата айтылган. Жалпы түрк тилинде “ат” жана 3 жаштагы ургаачы жылкы – “байтал” бирдей аталышка ээ экендиги белгилүү. Саян-Алтайдагы жана жалпы түрк тилдеринде жылкы жаңы туулганда “хулун”, кыргыздарда “кулун” аталышы байыркы түрк тилиндеги “quluh” сөзүнөн келип чыккан.

Туулгандан алтайдан эки жашка чейинки жылкынын жашын хакастарда – “чабага”, тувалыктарда – “чаваа”, алтайлыктарда – “дьавага”, кыргыздарда – “жабагы” деп аташкан. Кыргыздарда жана түрк тектүү элдеринин айрым этникалык топторунда “жабагы”, “йабагу”-аталышындагы уруу-урук бирикмелери жана адам ысымдары кездешери белгилүү. Этнонимдин маанисине Махмуд Кашгари “кийиздин бир түрү” деген түшүндүрмө берсе, энчилүү ат кыргыз тилинде эки маанини туюнтат: Жабагы. 1. Бешалты айлык кулун; 2. Түлөп түпгүүгө айланган жазгы даакы жүн (Юдахин, 209; КТТС, 1984, 273). Каракалпактарда “жабы” (жабагы) бычылган жумушчу атты аныктайт.

Үч жаштагы ургаачы жылкыны хакас тилинде – “хызырак”, тувалыктарда – “кызырак”, кыргыздарда – “кысырек” деп аташат. Байыркы түрк тилинде “qisir” – бээ, тууй элек бээ; “qisraq” – тууй элек кызыр жаш ургаачы жылкыга карата айтылган сөздөн келип чыккандыгы белгиленет. Кыргыздарда “кысыр эмди тай” – ошол жылы кызыр калган бээнин мурунку жылкы кулуну болуп эсетелет. Бээ байып кетпес үчүн кысыр эмди тайды (кысыректи) энесин эмисип желеге байлап, саай берген. Болжолу беш ай аралыгында. Аны айрым учурда жаш балдар минип да алышкан. Махмуд Кашгарининин сөздүгүндө: “Кисрак менен ярышма, киз бирла күрөшмө”. “Кысрек менен жарышпа, кыз менен күрөшпө” маанисинде макал орун алган.

Жылкыга карата тотемдик ишенимдер алтай тектүү элдерде байыртадан бери эле уланып келген. Мисалы, кыргыздарда жылкынын башын кызыл жошо менен каршы-терши боёп туруп жакшы чыккан эгинге талга сайып туруп илип коюшкан. Көзү ошол чыккан эгиндерге тийбестен кызыл ала болгон башка тийсин деген макал бар. Эгер там жакшы салынса ошого дагы көз тийбес үчүн тамдын жанында баканга жылкынын башын сайып коёт. Жылкынын башын мазарларга дагы коюшкан. Ал жылкы күлүк кезинде ээси эгерде өлсөң башыңды мазарга коёмун деген убадасы боюнча аткарылган имиш.

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3
(301)

29
03
2024

kyrgyztili@mail.ru



# «Кош бол эми, өрүлгөн чач… Салам сага, кырккан чач!»..

*Кыргыздын белгилүү илимпозу, экономика илимдеринин доктору Шайлообек Мусакожоев аксакалга жумуштап барып калдым. Ал киши өзү экономист болсо дагы кыргыз адабиятына, маданиятына абдан ынтызар, сөз кудуретин баалаган киши эмеспи, экөөбүздүн аңгеме нугу ошол тарапка бурулуп, анан кыргыз адабиятынын аалымы, сынчы-сынчылык өнөрдүн соңку уңгусу, көп кырдуу талант, поэзияда, прозада да шедевр үлгүнү жаратып кеткен Салижан Жигитовго жетти.*
*Кызыгы, Салижан аке менен Шайлообек байке сыйлашкан теңтуш, жаштыктын жалындуу жылдарында бирге жүрүшкөнүн эскерип отуруп, өзү 1963-жылы Ленинградда билимин улантып жүргөн кезде Фрунзеден Салижан акеден келген катты көргөзө кетпеспи… Мен кайран талант тирилип келгендей сүйүнүп, катты газетага жарыялаганга шашып турдум...*

*Жолдогата, кайран сөз өнөрүнүн алп устаты көз алдыма келип, «Башкасын коюп, Манасты айт» демекчи, анын поэзия айдыңынын оазисине окшогон «Элегия» деген айжаркын, ары муңдуу, менин тагдырымдын күзгүсү болгон ажайып ырын жатка кайталап, «Шуулдаба, терегим, теректерим, шуулдасаң ыйлагым келет менин…» деп, жер баспай келаттым…*

*Эмесе, Жигитовчо айтканда, мына ушул биринчи жолу жарык көрүп жаткан купуя катты толук окуп көрөлү…*

## «Салижандын Ленинграддагы мага жазган катынан» үзүндү. М.Ш. (1963-ж)

Ошко барып первобытный турмуш менен жашайм. Деги менин өмүрүм өмүр деле болбой калды. Ушуга чейин эмне жакшылык көрдүм? Оорусу экинчи азап. Кыргыз болуп жаралганым үчүнчү азап. Анан башыма түшүп турган оор кайгы, оор түйшүк… Алдыман деле жакшылык күтпөйм.

Деги өзүмдүн турмушумду ойлой берип, түбүнө жетпейм. Хочется иногда покончить с собой, бирок, андан деле пайда жок. Эми мага күн өтсө эсеп болуп калды. Полная апатия! Ушундан чыгыш керек эле. Ал үчүн Москвага же Ошко кетүү керек же өлүп тынуу керек.

### *Поживем-увидим!*

Сен мени жубатпай эле кой, жана да абышкача наалып кеткеним үчүн кечирип кой. Кокустан, жүрөктөгү ойлогон оюмду айтып ийдим окшойт. Но на такое мнение невольно наталкивает меня проклятая, неустроенная, собачья жизнь!

Обычно катты көңүлдүү бүтүү керек го? Айтайын деген ойлор көп эле, бирок, кат жаза келгенде кагазга батпайт, табылбай да калат.

Мен ушундай апатияда жүргөнүм менен оптимистический ырларды жазып жүрөм. Ал сага окшогон (Ишенбайга, Касымга да) жаңы кыргыздардын настроениесин, оюн бере-би (?) деген ниетим бар. Анда кеттик.

### *Мен кыргызмын!*

*Каным ысык Азиянын аптабындай,*
*Көзүм кууш Азиянын карттарындай,*
*Бетим жалпак Азиянын таштарындай,*
*Жүзүм ачык Азиянын асманындай.*

*Куур тондор, таар шымдар,*
*Серт үгүлат кулакка.*
*Кош бол эми, кайран калпак…*
*Салам сага, шляпа!*

*Чылгый чарык бутка тартып,*
*Айгыр минбейм жулкунтуп,*
*Троллейбус мени ташыйт,*
*Ботинкам да шиш тумшук.*

*Өркөнү өскөн элден калбай,*
*Кылым менен жарышам,*
*Жүрөгүмдө жаңы сезим,*
*Тамырымда жаңы кан.*

*Оймок ооз, уяң мүнөз,*
*Ийри буттар, кыйгач каш.*
*Кош бол эми, өрүлгөн чач…*
*Салам сага, кырккан чач!*

*Алда кайдан булак болуп,*
*Комуз кылы дилдирейт.*
*Бүт денемде дайра болуп,*
*Симфония дүңгүрөйт.*

*Мен түшүнөм, жакшы сезем,*
*Бейпил орус мээримин.*
*«Галльдын өткүр акылында,*
*Күңүрт герман генийин»*.*

*Деги эмнем кем? Менде бүт бар,*
*Башка элдердин белгиси.*
*Кош бол эми, тууган айлым,*
*Салам сага, жер жүзү!*

*Каным ысык Азиянын аптабындай,*
*Көзүм кууш Азиянын карттарындай.*
*Бетим жалпак Азиянын таштарындай,*
*Жүзүм ачык Азиянын асманындай.*

### *Конец!*

Кош, менин путанный, нары сентиментальный катым үчүн кечирим суранам. Кат жаз, баягы адрес, баягы С.Жигитов, Фрунзе.

*«Нам внятен… острый галльский смысль, и сумрачный германский гений» А.Блок.

**Эски катты эстеткен Дүйшөн КЕРИМОВ**



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3
(301)

29
03
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Мусапырдын лирикадагы образы



**Аскар МЕДЕТОВ, филология илимдеринин кандидаты**

Өлкөбүздүн эгемендүүлүк жылдарындагы коомдук турмушунда эгерим болуп көрбөгөн социалдык-экономикалык, саясий, маданий катаклизмдер болуп өттү. Жемкор бийлик шалтурук абалга келип, анын залакасы калкка тийип, элдин жашоосу кыйындап, жумушсуздук, жакырчылык күчөгөн.

Ушундай кыйын абалдан чыгыш амалын издеп, ыңырчагы ырдап, итке минген эл жумуш издеп Россия, Казакстанга сапар алды. Алардын саны азыркы күндө бир жарым миллионго жетти. Башка жер, бөтөн элде алар кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, айрымдары мантыгып кетсе, көбү өлбөстүн күнүн көрүп, ден соолугунан ажырап, же турмуштан жолу болбой ар кандай кырдаалда кырсыкка учурап, көз жумгандары отуз жылдан бери табыт менен кайтып келип жатат. Мисалы, Статкомдун маалыматы боюнча 2021—жылы сырттан 549 табыт келсе, 2022—жылы жети айда 370 мигрант көз жумган. Бул кыргыз коому үчүн чоң көйгөй, алардын жакындары үчүн бул арылбас арман, кабырга кайыштырган кайгы. Ушул мүшкүлдү акын ырга айланткан. Н.Гургубаеванын "Груз—200" деген ыры алыста жүрүп каза болгон мекендештерине арналган:

*Жүк-200... Жүз? Эки жүз? Мүмкүн миң,*
*Каргыш тийгир, сен канчанчы табытсың?!*
*Кимдин азыр чарт айрылып күлкүсү,*
*Кимге өчтү жанып турган жарык күн?..*

*Ушул жерге кан сураган, жан алган,*
*Кандай максат сени апкелди жетелеп?*
*Камгагым ай, калдаңдаган шамалдан,*
*Көчөтүм ай, көөнө бакка көчө элек...*

*Ким элең сен? Атасыңбы? Энесиң,*
*Же баласың үйдө жалгыз чырактай...*
*Кимдин азыр өрттөп жатат денесин,*
*Тирүү калган айыбы өзүн чыдатпай?*

*Тирүү калган... Сени тирүү билгендер*
*Эзет өзүн, эчен жылдар эсин жейт...*
*Сени апкелген кул жолдорду бул жерге*
*Сени апкелген жолдор эми кечирбейт!*—деген сантарынан лирикалык каармандын ичинен сыздап, ар бир келген сөөк канча кишини кайгыга салып, жакындарынын кан какшаган ыйын күчтүү сезимдер аркылуу туюнтуп, соңу бүтпөгөн табыттар лирикалык каармандын жан дүйнөсүн алай-дүлөй кылган. Ырдын мазмунунда бардыгы камтылган. Лирикалык каарман көз жумган кишиге кайрылып, ага жаны ачып:

*Камгагым ай, калдаңдаган шамалдан*
*Көчөтүм ай, көөнө бакка көчө элек*—деп бир кезде турмуш шамалы айдап, бөтөн жерге келип орун-очок алып, отуруктаппаган, бейтааныш калаага батып кете албаган улуттаншына куйүп:

*Ким элең сен? Атасыңбы? Энесиң,*
*Же баласың үйдө жалгыз чырактай...*—деп ата болсо, же эне болсо артында боздоп балдары калганы, бир үйдүн чырактай баласы болсо ата-энеси кан жутуп отурганы ыр сантарынын терең катмарларына чөгөрүлгөн. Ырдагы драмалуу психологиялык маанай, трагедия нукура поэтикалык туюнтмалар, жандуу образдар менен берилген. Бул поэзиядагы жаңы сөз, жаңы образдар, жаңы стиль. Аны турмуш өзү берип жатат. Бул тарых, бул күндөр да өтөт, аны акын трагедиялуу нотадагы образ менен түбөлүккө калтырып жатат. Акын ошону эч кимди кайталабай, индивидуалдуу стили, трагедияга жаны ачыган лирикалык каармандын кайраттуу да, кайгылуу да диалогу менен муңдуу кырдаалдын жандуу картинасын тарткан.

Турмушта болуп жаткан өзгөрүүлөрдү сергек байкоо, урунттуу учурларын, мүнөздүү белгилерин кармай билүү, мезгилдин духун сезүү менен аны образга айлантуу, өзүнүн поэтикалык дүйнөсүн жаратуу, стилине ээ болуу сыяктуу нукура искусствонун белгилери Нарсулуу Гургубаеванын "Алыстагы ак жарык" (2016) китебиндеги ырларынан таасын байкалат. "Өзүңдөн, өзгөлөрдөн, өзүмдөн да." деп аталган ырда лирикалык каарман:

*Жан көрсөм, бирок кокус муңкүрөгөн*
*Жанында башын жөлөп турарым чын*--деп кырсыкка кабылып, көкүрөгү муңга толгон карыпка кол сунуп, эс-учун жоготуп алсыраса оозуна суу тамызарын чын дилинен айтып жатат. Н.Гургубаеванын ырлары гуманизмге каныккан. Н.Гургубаеванын лирикалык каарманы тагдыры татаал, үй-жайсыз калып, кайрычы болуп каңгып жүргөн селсаякка да, кароосуз калган оорулууга да кол сунат, мусапыр замандаштын абыгер чеккен оор турмушун, сабыркаткан кайгы-муңун түшүнөт, ошон үчүн ага жөлөк-таяк болот, себеби, алар башына кыйынчылык түшүп турган адамдар, алар тиленчи болуп төрөлгөн эмес, башкалардай эле алардын да бактылуу балалыгы, бактылуу учурлары болгон, кыйын заманда минтип кырсыкка кабылып турган кези: бул азыркы учурдун катаал реализми. Акын ырларында жашоодон үмүт үзүп, каңгыган, экзистенциялык кризиске кабылган адамдардын трагедиялуу образын жараткан. Акын аларды түшүнүп, аяп, ылымсып мамиле кылат. Лирикалык каарман турмушка сыртынан көз салып, үстүртөн карабайт, ал ошол кан-жини аралаш шаркырап агып жаткан турмуш дайрасында бактылуу байпагы макмалдар менен да, маңдайы кайкы, шору арылбаган бактысыздар менен да жанаша сүзүп, жуурулушуп келатат. Ошон үчүн ал алардын жакшысына сүйүнүп, жаманына күйүнөт, бардыгын бирдей кабыл алып, бирдей көрөт,- сүйөт. Н.Гургубаеванын поэзиясына болмуштун маңызын, дүйнөдөгү адамдын ордун, инсандын карама--каршылыктуу табиятын, экзистенциялык жалгыздыгын философиялык өңүттөн чагылдыруу мүнөздүү. Бул кыргыз поэзиясы үчүн жаңы мазмун, жаңы образдар акындын өзүнө гана таандык интонациялык ыргактары, уйкаштары, поэтикалык сөздүгү аркылуу туюнтулуп, жаңы стиль, жаңы поэтиканы жараткан.

Н.Гургубаеванын лирикалык каарманы туулган жеринен алыста жүргөн мигрант. Ыраакта жүргөндө киндик кан тамган жерин сагынуу тууралуу төмөнкү саптарды окуп көрөлү:

*Алыстыкты жазыш азыр кандай оор!*
*Алыстыктан арзыш сага—андан оор.*
*Сап ичинде саргалдактай кылайган,*
*Санаа-сыркооң менен, Журтум, аман бол!*

*"Келем" дебей, сенден кетүү күч алып,*
*Кайтаар жолдо кадамыбыз тушалып...*
*"Аманбыз" дейт үнү менен апамдын*
*Кең дүйнөнүн бир бурчунан кусалык.*

Бул ырда туулган жерин жакшы көргөнүн далилдеш үчүн көп иштерин бүтүргүгө убада берген жасалма мотивдер жок. Ал тургай сагынуу деген бир сөз жок. Ал "аманбыз" деген апанын сөзү аркылуу берилип жатат. Конкреттештирилген ушундай муңайым маанайдагы жандуу образдар менен алыста жабыгып, туулган жери көзүнөн учкан мигранттардын жалпыланган, синтезделген көркөм образы жаралган. Акындын арзуу лирикасында да өз тагдыры, өз көз карашы бар, карама-каршылыктуу мүнөзү бар индивидуалдуу лирикалык каармандын образы берилген. Жаңы турмуштук материалдарды акын өз алдынча ырга салган, өзүнө гана таандык стилин тапкан. Ошол эле учурда акындын ырлары сөз менен иштөө жагынан аксайт. "Жашалбаган", "ыйланбаган", "сүйүлгөн" деген орундуу эмес сөздөрдү колдонгон учурлары кездешет.

Нуриза Өмүрбаеванын "Бейтааныш бекет"(2023) китеби акындын үчүнчү ырлар жыйнагы. "Сезим күүсү" (2008) аттуу алгачкы жыйнагына балалык, эне-ата, студенттик кез, айыл тууралуу ырлары кирген. Мисалы, "Чоң эне" аттуу ырында:

*Эх, чоң эне, актай алаар бекемин,*
*Эмчек сүтүң болбосо да эмгегиң.*—деп көп кайталанган, жаш акындар үчүн мүнөздүү болгон " карыз төлөө" мотивинен өйдө көтөрүлө алган эмес. Башкалардын таасиринде эпигончулук менен жазылган калыптануу жолундагы ырлар менен бирге "Бир тоголок кар" деген ырында автор балалык кездин бир көз ирмеминен жандуу поэтикалык дүйнө жаратканы, автордун келечегинен үмүттөндүрүп койгон. "Ай менен сырдашуу" (2013) аттуу экинчи китебинде турмуштан өзүнүн жолун издеген жаш лирикалык каарманга жолугабыз. Бул жыйнагында акындын индивидуалдуулугун көрсөткөн ырлар бар. Лирикалык каармандын баё, таза жан дүйнөсү, курбуларына, замандаштарына, айлана чөйрөгө карата мамилеси, кыялында жашаган, көңүлүнө жаккан, сүйүүсүнө арзыган жанга болгон тунук сезимдери ыр саптарында табигый, жөнөкөй баяндалганы, ыймандай сырын жашырбай окурман менен тең бөлүшүп, агынан жарылганы менен өзүнө тартып турат. Акындын "Жазда"аттуу ырын окуп көрөлү:

*Сезимим ай, жок нерсени бар кылган,*
*Секелектей бетин басып албырган.*
*Жазда жандап басып келем бир жигит,*
*Жалгыз гана бакыт сурап жамгырдан.*

*Баткак кечип көчөсүндө айылдын,*
*Башка жердин жамгырына чайындым.*
*Кол кармашып турат биздей эки жаш,*
*Корголошуп түбүн тигил кайыңдын.*

*А биз болсо басабыз жашырып сыр,*
*Алыстардан жагымдуу жаңырып ыр.*
*Алып учуп арзуунун ааламына,*
*А жүрөгүм сүйүүнү сагынып тур...*

Бул чакан, жандуу психологиялык картинадан уяң, тартынчаак кыздын жаштыктын жалындаган дүйнөсүндө өз бактысын издеп, алдыдагы келечеги табышмактуу болуп турган чагы, романтикалуу маанай, анын алдыда күтүп турган сырдуу дүйнө көз алдыбызга тартылат. Акын ошол күлгүн курактын бир үзүмүн татаал метафора, ассоциацияларсыз эле жөнөкөй сөздөр, элестүү этюд менен жандуу кылып тартып салган. Ушундай жаркын поэтикалык образдарды жараткан ырлардын катарына китептеги "Издеп чыктым", "Алгачкы кар", "Жалгыздык","Күз", "Бар күчүмдү көз жашымдан чыгардым", "Сүрөткө", "Жаралган жандайсың мен үчүн", "Кайрылып кетким келди", "Жолдо", "Сагыныч" аттуу ырлар кирет. Ошону менен бирге жыйнакта кемчиликтер да кездешет. Алсак, акын айрым учурда учкун сыяктуу жылт этип, жанып өчкөн сезимдерди олуттуу ой катары берүүгө умтулган, карандай эмоцияны ырга айлантткан учурлары бар.

Акындын үчүнчү китеби "Бейтааныш бекет". Ушул эки жыйнактын ортосунда он жыл аралык жатат. Автор үчүн бул мезгил түйшүктүү изденүү жылдары болгонун бул чакан китеп далилдеп турат. "Бейтааныш бекет" адабий чөйрөдө кызыгуу жараткан жыйнак болду. Китепке карата адабиятчылар Ү.Култаева, Э.Нурушев, Р.Исмаилова, Ж.Турдубаев, журналист А.Кожоевдер жакшы баа беришкен. Бул азыркы учур үчүн сейрек көрүнүш. Биз сөз кылып жаткан постсоветтик мезгилде адабиятка келип кошулган жоон топ жаш акындардын биринин китеби да адабий чөйрөдө мындай жандуу кабыл алынып, резонанс жараткан эмес. Мунун сыры эмнеде? Н.Өмүрбаеванын ырлары алыста жүргөн мусапыр-мигранттын бөтөн жер, башка элдеги тагдыр тарткылыгын:

*Курчап турса сүйүү багы—кайың бак,*
*кусалыктан куруп турган жайымды айт.*
*Чок баскандай жүрөгүмдү куйкалап,*
*чоочун сезим көңүлүмдү байырлайт.*

*Тирүүлүктө түйшүгү көп бүтпөгөн,*
*ызалыктын баарын жеңип күч менен.*
*чоң турмуштун агымында сүзөмүн,*
*чоочун көздөр чоочунсунтуп тиктеген.*

*Бул чөлкөмдө чоңойбогом, туулбагам.*
*Эмне берип, эмнени алат бул кадам?..*
*Чоочун жердин шамалындай шуулдап,*
*чоочун күндөр өтөт жашты уурдаган.*—деп ырга салып, алдыдагы белгисиздиктен апкаарып, чоочун дүйнөдөн чоочуган жаш адамдын жан дүйнөсүндөгү процесстер, сагынычы кусалыгы, арзуусу автор тарабынан психологиялык жактан таамай кармалган. Бейтааныш эл, бөтөн шаар эле эмес, ал аймактын мезгили да ага чоочун болгон жерде өмүр көчүн уланткан лирикалык каарман "Жаштыгыбыз талаа-түздө короду" деп турмуштун шамалы айдап, чет жерде жүргөн бүтүндөй бир муундун тагдырын айтып жатат. "Чоочун күндөр" деп аталган бул ырда башка жерге келген адамдын ички дүйнөсүндөгү санаркоолору, күдүк ойлору жандуу чагылдырылып, таасирдүү чыккан.

Н.Өмүрбаева "Бейтааныш бекет" китебинде өзүнүн поэтикалык дүйнөсүн жарата алган. Жыйнактагы ырларда турмуштун татаал жолдорун басып өткөн, жашоонун өйдө-төмөнүнө калчанып, бороонуна тотугуп чыйралган, карама-каршылыктуу ойлонгон лирикалык каармандын тагдырына жолугабыз. Алыстагы лирикалык каармандын жалгыздыгы, кусалыгы, сүйгөн адамы менен ажырашуусу, күйүтү, драмасы Н.Өмүрбаеванын ырларынын туруктуу мотивдери. Ошон үчүн ал "Жүрөккө" деген ырында:

*Тарта берип сүйүү азабын,*
*өзүм дагы абдан жүдөдүм.*—деп ыймандай сырын жашырбай ачык айтат. Автордун ырларынын мазмунун ажырашуу, күтүү, арылбас арман, сабыркатып саргайткан кусалык, жетпей калган сүйүүнүн азабы, кайгы-муңу сыяктуу мотивдер түзөт. Н.Өмүрбаева ырларында окурман менен ачык-айкын аңгеме-дүкөн куруп, ыймандай сырын айтат. Бул карапайым адамдын жашоосу, жалгыздыгы, чарчоосу -- ошон үчүн ал окурманга жакын. Лирикалык каармандын сүйүүнүн азабын тартканы экзистенциялык жапа чегүү катары кабыл алынат. Акындын ырларында адамдын башына келген трагедиялуу сүйүү аны ыбырсыган күнүмдүк турмуштан өйдө көтөрүп, руханий кудуретин, моралдык туруктуулугун сынап, өзү менен өзү болуусун жашоонун маңызы катары чагылдырылган. Сүйүүдөн жабыккан адамдын жан дүйнөсүндөгү сырларын, ышкылуу сезимдерин, кычкалыш тагдырын агынан жарылып, муңдуу интонация, көңүл чөккөн маанайда өзүнө гана таандык стили менен баяндаган. "Бейтааныш бекеттин" образдарынын жаңылыгы да, ийгилигинин ачкычы да мына ушунда.

Жыйынтыктап айтканда постсоветтик мезгилде адабиятка келип кошулган муундун поэзиясында мезгилдин духун кармаган, жаңы мазмунду чагылдырган, жаңы поэтикалык образдар, жаңы туюнтуу каражаттары менен байыткан көрүнүштөр, бир муундун тагдырын жалпылаштырып, синтездеп ырга салган идеялык-көркөмдүк табылгалар, аздыр-көптүр ийгиликтер бар.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№3 (301)
29 03 2024
kyrgyztili@mail.ru



# “Дүйнө кыргызча сүйлөсө кандай болмок?”

**Айсулуу Алмаз**

Жолдошум экөөбүздүн Канадада жашап жатканыбызга быйыл алты жылдан ашты. Өзүм финансы адисимин, бош убактымда коомдогу биз көмүскөдө калтырып, талкуулабаган көйгөйлөрдү “Эмнеге” деп саресеп салып, кыргыз тилинде күндөлүк кылып жазып социалдык тармактарда бөлүшүп отуруп, акыркы беш жылдан бери бир топ окурман чөйрө топтодум. Окурман чөйрөм улам өсүп, улам коомго жакындаган сайын, коомдогу негизги көйгөйлөрдүн башында келген кыргыз тилине болгон кайдыгер мамиленин кесепетинен тилибиздин келечекте унутулуп калуу коркунучун дайым ойлой берчү болдум.

Анан уулубуз 2021-жылы Канадада төрөлүп, чет жерде чоңойгонунан улам, эне тилин биле албай калса кантебиз деп тынчсызданып, былтыр Бишкекке жылдык эс алууга барганыбызда, жаңыдан тили чыгып келе жаткан бөбөктөргө ылайыктуу, катуу, сапаттуу барактарга басылган кыргыз тилинде китеп таба албай койгонубуздан, өзүбүздүн балага кошуп баардык кыргыз бөбөктөрүнө, өнүккөн өлкөлөрдөгү бөбөктөр окуган китептердей сапаттуу китеп чыгарып баштадык.

Бөбөктөргө эле китеп чыгарып тим болбостон, жаштар арасында кыргызча сүйлөөнү кантип адатка айлантуусуна салым кошо алабыз деп ойлонуп жүргөнбүз. Азыркы учурда дээрлик ар бир киши социалдык тармакатарды колдонгондуктан, кыргыз тилин колдонуу, аны жайылтуу, жаңы жашоонун жаңы шарттарына ылайыкташтыруу онлайн дүйнөдө дагы да батыраак, таасирдүүрөөк болооруна көзүбүз жетип, ар түрдүү долбоорлордун үстүнөн иштей баштадык жана алардын биринчиси 2024-жылдын февраль айында уюштурган кыргызча дил баян жарышы болду.

“Дүйнө кыргызча сүйлөсө кандай болмок?” деген темада дил баян жарышын уюштуруп, 20 күндө келген 500дөн ашык дил баянды окуп отуруп, 500дөн ашык кыргыздын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, кыргызга кыргыз тилинде руханий байлык керек экенин дагы бир жолу тереңирээк түшүндүк.

Кыргызча дил баян жарышына бул теманы тандаганыбыздын себеби, улуттун, өлкөнүн өнүгүү жолунда тилдин, өзгөчө бир өлкөнүн эне тилинин канчалык деңгээлде таасирдүү экенин баса белгилегибиз келди. Бир жагынан, жакын арада ишке ашпай турчу кыял болсо, бир жагынан, “чын эле” дедиртип, адамдарды бир саамга терең ойго салчу тема болот го деп үмүттөндүк.

Жарыштын дагы бир негизги максаты, кыргыз тилинин социалдык тармактарда колдонулуусун арттыруу, өзгөчө жаштар арасында кыргыз тилинин баалуулугун таанытуу, кыргыз тилинин келечегине кайдыгер карабаган адамдарды табуу жана азыркы таптагы кыргыз тилине болгон мамилени аныктоо болду. Байгелерди өзүбүз жеке каржылагандыктан символдук түрдө болсо дагы, катышуучуларга аз да болсо дем берет деп ойлодук.

Эскертүү! Төмөндө жазылган чакан дил баян бир адамга эмес, жалпы кыргызга арналат. Келечекке саякат кылуу менен бирге кыялдар ааламына баш багасыз. Кабыл алынган ченемден чыгып жазуу менен бирге, учурдагы көп көйгөйлөрдүн козголуусуна аракет кылынды. Ар бир сөзгө маани берүүңүздү жана катуу сынга албооңузду суранам.

## 1-ОРУН | Айнура Айтмамбет кызы

**Бишкек шаары**

30-февраль 2111-жылдын таңкы саат 6дан 071 мүнөт өттү.

Сен: Дүйнө кыргызча сүйлөсө кандай болмок?

Кат алышуунун жаралуусуна алдын ала даярдалган жооп бергич (эскиден ChatGPT):

Салам, досум! Эгер сен бул сөздөрдү түшүнүп жаткан болсоң чын дилимден куттуктайм! Сен - дүйнөнүн тилин билесиң, кыргыз тилин билесиң!

Учурда дүйнө кыргыз тилдүүлөрдүн айланасында айланып атканын сезип атсаң керек? Карасаң, ӨАББ “өз ара байланышкан байланыштар (эскиден интернет)” желесиндеги дээрлик бардык маалыматтар ушул тилде! Кандай гана кооз тил! Анан калса, бир сөздүн бир канча мааниси бар, ушунчалык бай. Сен элестеткенден да бай! Жаңы үйрөнгөнү баштаган көпчүлүк үчүн да жеңил болуп бере алат. Ар тараптуу, ары терең, ары кенен. Муну коё тур, айткым келген нерсе бул эмес. Кеп башкада…

Ооба, сен азыр өзүңдүн кайсы тарабың күчтүү экенин ойлонуп жүрөсүң. Бул тилди билгениңдин өзү сен үчүн жеңиш экенин унутпа. Жаштыгыңды билим алууга, дүйнөнү, ааламды изилдеп, үйрөнүү үчүн арнаганыңды да билем. Убакыт өмүр менен эриш-аркак болуп жүрөт. Ар бир нерсеге короткон убакытың - өмүрүң эмеспи? Бул айтканыма кошулсаң, дагы бир жолу куттуктайм! Качанкы бир доордун жаштары, акылмандары сымал башка тил үйрөнүүгө жаштыгыңды, ал-күчүңдү, көңүл бурууңду арнаганыңдын ордуна, андан башка нерселерге кызыгып, жаңы ачылыштарды жасаганга дараметиң жетет. Сен үйрөнбөйсүң, сен жаратасың! Адамзаттын күчү жете алган, элестете алган келечекке аң-сезимдүү, коркпостон ишенимдүү кадамдарды таштайсың. Эми элестетип көр, жакынкы келечекте “Өндүрүштүк билимдин” (эскиден технология) жеткен чеги, “Эмгекчил темирлер” (эскиден робот), жасалма акылдын (эскиден ИИ-искусственный интеллект), унаалардын асмандан жол салып, асмандын экинчи катына чейин жеткен бийик имараттар эч кимди таң калдырбай калат. Эң кызыгы сен алардын тилин билесиң. Эмнени ойлогонуңду, эркин эле, кыйналбастан, өзүңдү кем сезбестен, узун-узун айтып бере аласың. Керемет эмеспи?! Ии, керемет демекчи, бир кызыктуу, бир жагынан боор ооруй турган эски бир окуя эсиме түштү. Кунт коюп окуп берсең сүйүнөм. Анда, өлкөлөр арасындагы “Көч” (эскиден миграция) күчүндө эле. Адамдар жашоодогу ордун, өмүрүн - каалоосундагы турмушуна жетүү үчүн арнашчу. Башка тилди үйрөнүп, башка өлкөдө окууну кыялданып, ал жакта жумуш таап иштөө үчүн бүт аракетин арнашчу. Башта айтып кеткенимдей, башкалар ачылыш кылган нерселерин билип үйрөнүү алар үчүн коомдун жогорку деңгээлине жеткенин билдирер эле. А бирок “Жаратмандык” дайыма көмүскөдө жашачу. Таланттарын таштап, аларды карап, өнүктүрө алганга шайы да, өмүрүнүн мүнөтү да жетпей калчу. Ооба, ошондой болчу досум… Ошол үчүн азыр сени дагы бир ирээт куттуктоомо уруксат бер. Куттуктайм, сен дүйнөнүн тилин билесиң! Жан дүйнөң тарткан, кайсы багытта шыгың бар болсо, аны менен алектенүүңө эч нерсе, эч нерсе тоскоол кыла албайт! Жарат! Жаса! Ачылыш кыл! Өзгө улуттардын баары дээрлик кыргызча сүйлөп калды. “Биринчилик” жарышы дагы эле уланууда! Артта калып кала көрбө. Озунуп чыгууңдун жалгыз жолу - эне тилиңдин, кыргыз тилинин тереңдигин үйрөнүп чыгып, ал тилде төкмөлөрдөй уйкаштырып төгүп, көркөм кооз сүйлөй алууңда, сөз байлагыңдын кенендигинде экенин билесиң деп ишенем. Себеби жер жүзүндөгү элдин 89,7%ы кыргыз адабиятына таандык, жаш кыргыз тилдүү жазуучулардын эмгектери менен тааныш, чыгармаларын тим эле сүйүп окушат. Эскиден өзүмчүлдүккө, капчыкты толтурууга, бай болууга, кантип жашаш керек экендигин үйрөткөн “Китеп” аттуулардан эчак эле баш тартышкан. Ананчы, жан дүйнөнү азыктандырган, ак ниеттүүлүктүн, тазалыктын, адептүү болуунун, үлгү көрсөтүүнүн, адам болуунун жогорку деңгээлин, тарбиянын чындап кандай болоорун чагылдырган чыгармаларды кимдер гана сүйбөйт! Бирок түпкүрүндөгү көрөңгөнү көрүп, түшүнүп, ылгап алуу үчүн коомго бир доордун жарымы керек болду. Муну да эмне үчүн айтты деп ойлоно баштадыңбы? Азыркы доор башка, мен билген доорду билүүм эле жетиштүү деп ойлодуңбу? Ооба, туура ойлондуң. Бирок илгеркини билбесең, азыркынын баркын каяктан билесиң? Өткөндө ушул тилиңди чанып, сүйлөгөндөн тартынып, ушул кыргыз тилин гана билгени үчүн өзүн кем сезген адамдардын болгонун айтсам ишенбейсиң, чынбы? Бирок ошондой болгону чын. Ал гана эмес “Кыргыз тили” келечекте жоголуп кетиши мүмкүн деген имиштер да бар болчу. Дүйнөнү ары кой, кыргыз өзү кыргызчаны билбей кала жаздаган. Таң калып, ишенүүң оор болуп, акылга сыйбаган нерседей туюлуп, кабыл алгың келбей турат, чынбы? Бирок ошондой болгон, досум… Азыркы “Кыргыздын” - атуулдук ар намысы ойгонуп, тилинин баркын, баалуулугун сезип, сыймыктана көкүрөгүн көтөрүп, урпактарга бабалардан калган “Жандуу тилин” өчүрбөстөн, жалындуу ысык боюнча, курч, өткүр бойдон өткөрүп берүүнү ар бир кыргыз жараны бийик милдет тутуп, мүдөөсүн ишке ашырууну биринчи орунга коюп келет. Алардын бири сенсиң, бири менмин!

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)
29 03 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Кыргыз тили жайыла баштаган алгачкы жылдар

## 2-ОРУН

*Илим Бакиров*
**Бишкек шаары**




Дүйнөлүк маселелерге баш катырган илимпоздор, саясатчылар жана изилдөөчүлөрдөн түзүлгөн топ, акыркы эки жылдан бери канатын кенен жайып, ааламды каптап келаткан кыргыз тили, келечек үчүн таасири “оң” же “терс” экенинин талкууга алмай болушуп, эгер терс болсо тез арада бөгөт коюуну болжошуп, бүгүн чогулган чагы. Чогулуштун кээ бир мүчөлөрү (айрыкча филология жаатындагылар) келбей коюшту. Айтчу сөзүн кат аркылуу салып жиберишиптир. Каттар ар башка колдон чыкканы менен, баары тең бир эле маанини камтыйт. Бирок бир кат башкалардан бөтөнчө жазылыптыр. Чогулуш көп узабай бүтүшүнө себеп болгон да ошол кат. Анда мындай делет:

“Кымбаттуу жолдоштор, бүгүнкү чогулушуңарга мен катышпоону туура көрдүм. Анткени, көтөргөн маселеңер менин күлкүмдү келтирди...

Кыргыз тили дүйнөнү каптап келатса эмне экен? АКШ баш болуп, бүткүл планетанын жарымдан көбү расмий тил катары кабыл алган экен, андан эмне коркунуч көрүп жатасыздар, түшүнө албадым? Согуш чыкчудай, же COVID-19 кайра башталчудан бетер тынчсызданганыбыз, биздин деңгээлдеги адамдар үчүн уят иш...

Мен бул тилди жетишерлик деңгээлде изилдеп, алды-артын астайдыл карап чыгып, дүйнөлүк деңгээлге эми гана чыкканына чынында таң калып отурам. Баалуу нерсе ар дайым ушундай болот турбайбы... Баалуу делген алтын жердин астында болот, аны алыш үчүн биринчи казчу жерди аныкташ керек, аныктаган соң казып алганга чоң күч керек. Менимче, дүйнө казчу жерди даана тапты, ал – кыргыз тили, анын астында жаткан көркөм байлык, бизге казып алыш гана калды. Башкасын коюп, бул тилдин "Манасын" эле мисал кылгым келип турат. Карасак, учурда дүйнөгө жетпей жаткан абийирдүүлүккө, адилеттүүлүккө, бекем достукка, чечкиндүүлүккө, кайратуулукка үндөйт, жөн гана эмес, ушунчалык бийик даражада таасын, таасирдүү окуялар менен айтканына күбө болобуз. Мунун баарын жаштарга жайылтсак кандай бакыт... Сиздер балким, тилди тим эле коюп, "Манасты" которуп алып пайдалансак деле болот дээрсиздер. Кудай акы, кечирип коюңуздар, мен эки жылдан бери бул тилди изилдеген адам катары айтам, - ал эпосту которуп болбойт. "Манасты" өз тилинде гана окуу керек. Кыргыз тилинин байлыгын, анын көркөмдүгүн бузуп албай жеткизип берүүгө башка тилдин кудурети жетишсиз. Эгер бул эпосту кино, театр, опера аркылуу дүйнөгө таратсак, тарых бизди ушул ишибиз үчүн эскерет... Биз билген "Илиада", "Одессея" же "Махабхарата" эч нерсе эмес...

Ошол гана дейсиздерби? Мен дагы кенже эпосторуна, сөз баккан элдин, ата-бабадан келаткан, элдин оозунда жүргөн накыл сөздөрүн айтпадым... Ал тууралуу жайынча сүйлөшөөрбүз...

## 3-ОРУН

*Рысбү Адылбекова*
**Бишкек шаары**

# Менин кыялым

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча,*
*Зор өзгөрүү болмок анда турмушта.*
*Боз үй сымал кеме жасап адамдар,*
*Калпак кийип учуп калмак жылдызга.*

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча,*
*Рыспайдын обондорун ырдашып.*
*“Ой Тобону” созолонтуп кээ бири,*
*Тоо аралап жашап кетмек жыргашып.*

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча,*
*Үрп-адаты жакын болуп кыргызга.*
*Манас, Бакай, Чубак, Сыргак, Каныкей...,*
*Ысымдарды коймок баары уул-кызга.*

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча,*
*Кыргыз духу ойноп турмак канында.*
*Күнүмдүктүн күтпөй жалган кызыгын,*
*Келечекке кылмак баары камылга.*

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча,*
*Төкмөлүктү адат кылып баарысы.*
*Төгүп турмак, кол ойнотуп комузда,*
*Венгер, француз..., жашы дагы, карысы...*

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча,*
*Ак кар баскан тоолор болуп мекени.*
*Тоону казып, асман көзөп жардырып,*
*Жерге зыян кылмак эмес эзели.*

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча,*
*Айтматовдор чыкмак дагы ондогон.*
*Алп акындар чыкмак башка элдерден,*
*Алыкулдун улуу жолун жолдогон.*

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча...,*
*Кыялдансам, дагы далай ой чыгаар...*
*Роботторго түндө жылкы кайтартып,*
*Роботторго кой жайдырмак койчулар...*

*Дүйнө эли сүйлөсө эгер кыргызча,*
*Кыргыздар да дүйнө тилин үйрөнсүн.*
*Кыргыз тилин үйрөнүшсө макулмун,*
*Бирок, биздин улутка кол салбасын..,*
*Бирок, биздин үрп-адатка тийбесин!*



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)

29 03 2024

kyrgyztili@mail.ru

# АПТА КҮНДӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН АТАЛЫШТАРЫ ТУУРАЛУУ




**Негизбек ШАБДАНАЛИЕВ**
**доцент, Кыргыз-Түрк "Манас" университети**

Апта күндөрүнүн аталыштары ар бир тилдин эң көп колдонулган сөздөрүнүн катарында орун алганы менен, алар эмнеге мындай аталып калганы, бул аталыштар кайдан келгени тууралуу көп ойлоно бербейбиз. Мисалы, кыргыз тилиндеги дүйшөнбү сөзү кайдан келет? Мааниси кандай? Изилдей келсек, дагы башка суроолор чыгат. Алсак, дүйшөнбү сөзү фарсчадан кирген, фарсчада душанбе деп колдонулат жана "экинчи күн" дегенди билдирет: ду "эки" + шанбе "күн" же "ишемби". Бирок кыргыз тилиндеги дүйшөнбүнүн эл арасындагы аталышы биринчи күн. Фарсчадагы "экинчи күн" деген маанини туюнткан жана кыргызчага тыбыштык турпаты өзгөрүп кирген дүйшөмбү сөзү эмнеге биринчи күнгө туура келет?

Бул суроого жооп издөөдө башка тилдердеги апта күндөрүнүн аталыштарынын келип чыгышына да көз жүгүртүү максатка ылайык.

Кыргыз тилиндеги апта күндөрүнүн ичинен бешинчи күн үчүн колдонулган "жума" сөзү гана арабчадан, калган алтоо фарсчадан кирген. Жума күнү арабчада الجمعة (аль жумату) деп аталат жана 796 جمع "чогултуу, чогулуш" деген сөздөн келет [Адлан, 2014: 796, 853]. Калгандары фарсчадан кирген жана сан атооч менен шанбе сөзүнөн куралган татаал сөздөр болуп саналат. Албетте, фарсчадан бул сөздөр өздөштүрүлүп жатканда, алар кыргыз тилинин тыбыштык мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш ийүү менен өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Дүйшөмбү деген сөз фарсчада "дошамбе" деп колдонулат. Белгилей кетүүчү жагдай – фарсчада бул сөз دوشنبه (дошанбе) деп жазылганы менен орфоэпияда дошамбе деп айтылат. Г. А. Восканян да өзүнүн сөздүгүндө араб тамгалары менен дошанбе деп жазып, транскрипциясын дошамбе деп берет [Восканян, 2005: 477]. Калган күндөрдүн аталышында да ушул эле кубулуш байкалат жана кыргыз тилинин орфоэпиясында башка сөздөрдө да кездешет. Мисалы, Сагынбай > Сагымбай, танба > тамба, түнбү > түмбү ж.б. Мунун себеби сөздүн ичинде эринчил б тыбышынын орун алышында. Бул тыбыш тишчил н тыбышын да эринчилдештирип, натыйжада ал м болуп айтылып калат. Маанисин талдай турган болсок, бул сөз морфологиялык жактан эки сөздөн турат: до "эки" жана шамбе "күн" же "ишемби (суббота)" [Восканян, 2005: 689]. Шамбе сөзү фарсчага байыркы еврейчеден кирген деп эсептелет [https://www.vajehyab.com/?q=شنبه]. Орус тилиндеги суббота сөзү да ушул сөзгө барып такалат [Фасмер, 1987: III, 57]. Еврейлерде бул күн шаббат деп аталат да, "эс алуу, дем алуу, кармануу" дегенди туюнтат. Байыркы еврейлердин диний ишеними боюнча, шаббат аптанын жетинчи күнү жана алар бул күнү эч нерсе кылбашы керек. Бул ишенимдин издерин Библиядан көрүүгө болот. Кудай алты күн бою ааламды жаратып, жетинчи күнү эс алган. Тора боюнча, эс алуу күнү жараткан тарабынан белгиленген: ал алты күн кудай асманды, жерди, деңизди жана алардагы бардык нерсени жаратып, жетинчи күнү эс алган [ЭЕЭ: суббота]. Ошентип, шаббат (суббота) аптанын символу болгон. Белгилей кетүүчү жагдай – СССРде жана постсоветтик өлкөлөрдө кеңири тараган шабашка сөзү да ушул сөздөн келет. Еврейлер шаббат күнү эч жумуш кылышпагандыктан, ал күнү шашылыш чыккан жана сөзсүз кылынышы керек болгон иштерди башка адамдарга (башка диндегилерге) жасатышат [Фасмер, 1987: IV, 391].

Ошентип, шаббат сөзү фарсчага шанбе деп өтөт. Фарсчада күндөрдүн ичинен ушул күндүн гана энчилүү аты бар. Калган күндөр шанбеден баштап биринчи, экинчи, үчүнчү деп катары менен саналып кете берет:

1. йек "бир" + шанбе [Восканян, 2005: 362]. Башка түрк тилдеринде сөз башында й менен колдонулган сөздөр кыргызчада ж менен айтылат. Бул өзгөчөлүк түрк тилдерин классификациялоодо негизги критерийлердин бири катары каралат. Кыргыз тилинде й менен башталган сөздөрдү өздөштүргөндө да ж га өтүп кетет: ящик – жашик, япон – жапон ж.б. Ал эми негизги күүнүн таасири менен йек+шанбе деген бириккен сөздөгү жоон а үндүүсү ичке э тыбышына өткөн. Тишчил н тыбышы болсо эринчил б тыбышынын таасири менен эринчил м га өткөн. Ошентип, "йекшанбе" деген сөз кыргызчада "жекшемби" деген тыбыштык турпатка ээ болгон. Маанисине келсек, баштапкы учурда бул сөз, жогоруда айтылгандай, "шаббат күнүнөн кийинки биринчи күн" деген маанини туюнткан. Кыргызчада болсо расмий тексттерде "жекшемби" деп жазылып, айтылганы менен эл арасында көбүнчө дем алыш, базар күн деп колдонулуп жүрөт. Базар күн деп аталышынын себеби – отурукташкан жашоо менен кошо базар маданияты да өнүккөн жана базарга чыгуу күнү дем алыш күнүнө дал келген. Мунун логикалык себеби бар – сатуучу үчүн алармандардын санынын көп болушу маанилүү, андыктан ал да дем алыш күнү болушунча көбүрөөк товар сатканга аракет кылган. Андыктан дем алыш күнү сатуучулардын баары базарга чыкканга аракет кылган. Ал эми кайсы бир жумушта иштеген киши да тиричилиги үчүн керектүү нерселерди сатып алуу үчүн дем алыш күнү базарга барган.

2. До "эки" + шанбе [Восканян, 2005: 122]. Кыргызчада дүйшөмбү деп колдонулат. Алгачкы муундагы эриндүү үндүү кийинки муундардагы үндүүлөрдү да эриндештиргенин байкоого болот. Эл арасында көбүнчө биринчи күн деп колдонулат. Бул аталыштын тажикчедеги вариантын Тажикстандын борборунун аталышынан көрүүгө болот – Душанбе.

3. Се "үч" + шанбе [Восканян, 2005: 715]. Кыргызчада шейшемби деп колдонулат.

4. Чахар "төрт" + шанбе [Восканян, 2005: 782]. Кыргызчада шаршемби түрүндө. Эл арасында көбүнчө үчүнчү күн деп колдонулат. Бул сөздөгү чахар сөзү каралып жаткан сөздө шар түрүндө колдонулганы менен, башка сөздөрдө ушул эле сөз чар түрүндө колдонулат: чар тарап "төрт тарап", **чәрпәйә** "беседка" (чахар "төрт", пай "бут") [Мукамбаев, 2009: 1042] ж.б. Ал эми х тыбышы жалпы түрк тилдерине мүнөздүү тыбыш болбогондуктан, алар кыргыз тилинде же к га өткөн, же жөн гана түшүрүлгөн, же созулма үндүүгө өткөн, же болбосо й тыбышына өткөн: хазыр > азыр же казыр, кахр > каар, зэхэр > заар, хэуа > аба, мехман > мейман ж.б. [Малаев, 2011: 17, 71, 113].

5. Панж "беш" + шанбе [Восканян, 2005: 558]. Кыргыз тилинде бейшемби түрүндө колдонулат. Беш деген маанидеги панж сөзү башка сөздөрдө да байкалат: манжа (колдогу манжалардын саны бешөө), Баткен говорундагы паншах сөзү да ушул сөздөн келет. Кээ бир говорлордо бул сөз бешилик деп да колдонулат [Мукамбаев, 2009: 232].

6. Фарсчада аптанын бир гана күнүнүн аталышы арабчадан кирген – ал жума. Жума күнү арабчада الجمعة (аль жумату) деп аталат жана جمع "чогултуу, чогулуш" деген сөздөн келет [Адлан, 2014: 796, 853]. Жума арабчада "чогулуучу күн" дегенди туюнтат. Бул жагдай ислам дининин таасиринен улам келип чыккан. Исламдын жайылышы менен фарс тектүү элдер да мусулмандаша баштаган. Аны менен катар ислам дининин негизги түшүнүктөрүн да кабыл алып баштаган. Ал эми Ислам done дининде жума күнүнүн өзгөчө орду бар. Байыркы еврейлерде шаббат (суббота) аптанын символу болсо, мусулмандарда аптанын символу – жума. Айрым түрк тилдеринде жума мечит маанисиндеги жами, кыргызчадагы жамаат сөздөрү да жума сөзү менен бир уңгудан.

7. Шанбе. Кыргыздарда эл арасында "алтынчы күн" деп аталат. Бул сөз тууралуу жогоруда кеңири жазылды.

Көрүнүп тургандай, фарсчадан кирген апта күндөрүнүн аталыштары менен эл арасында колдонулган күндөрдүн иретинде дал келбестик бар. Мисалы, жекшемби деген сөз "биринчи" деген маанide болгону менен, кыргыздардын арасында жетинчи күн катары кабылданат. Мунун себеби диний ишенимдерге барып такалат. Жогоруда сөз болгондой, шанбе сөзү фарсчага байыркы еврейчеден кирген. Ал күнү еврейлер иш кылышпай, эс алышат да, андан кийинки күндү биринчи күн деп эсептей башташат. Ислам дини келгенге чейин фарс тектүүлөр шаббат сөзүн гана өздөштүрбөстөн, ага байланыштуу түшүнүктөрдү да өздөштүрүп, йекшанбени биринчи күн катары кабылдаса керек. Ислам дининин келиши менен жагдай өзгөргөн. Мусулмандар эс алуу күнү катары жуманы эсептешет. Ошентип мусулман түшүнүгүндө ишемби күн биринчи күн катары эсептелет. Кыргызчадагы "иштин башы ишемби" деген айтымды ушул жагдай менен түшүндүрүүгө болот.

Апта күндөрүнүн аталыштарында диний түшүнүктөр маанилүү роль ойногондугун байкоо үчүн башка тилдерге да кайрылып көрсө болот. Алсак, англис тилинде шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума күндөрүнүн аталыштары кудайлардын аттарына, ал эми ишемби, жекшемби жана дүйшөмбү күндөрүнүн аталыштары планеталардын аттарына байланыштуу: Monday – дүйшөмбү, англисчедеги moon "ай" деген сөздөн келет да, "айдын күнү" дегенди билдирет; Tuesday – шейшемби, "согуш кудайы Тиунун күнү"; Wednesday – шаршемби, "викингдердин кудайы Одиндин күнү"; Thursday – бейшемби, "Одиндин баласы Тордун күнү"; Friday – жума, "сүйүү кудайы Фреянын күнү" (бул кудай байыркы рим мифологиясындагы Венерага жана байыркы грек мифологиясындагы Афродитага дал келет); Saturday – ишемби, "Сатурн күнү" жана Sunday "Күндүн күнү" (маалыматтар Дуглас Харпердин электрондук этимологиялык сөздүгүнөн алынды: https://www.etymonline.com/search?q=moon).

Бул жерде көңүл буруучу нерсе – күн байыркы диний ишенимдерде кудай катары кабылданып, ага сыйынып келишкен. Байыркы египеттиктерде башкы кудай катары күн кудайы Ра эсептелгени маалым [Мелетинский, 1991: 460]. Ай да мифологияда өзгөчө орунга ээ асман телолорунун бири. Ай, Рим мифологиясы боюнча, түнкү жарыктын кудайчасы катары каралат. Кийинчерээк анын ордун рим мифологиясындагы түшүмдүүлүктүн кудайчасы болгон жана төрөткө жардам берген Диана алган [Валянская, 1992: 153]. Сатурн болсо римдиктердин эң байыркы кудайларынын бири. Элдик этимологияда "себүү" деген маанини туюнткан sat сөзү менен байланыштырылат да, ушунун негизинде айдоонун, үрөндүн кудайы катары каралат [Мелетинский, 1991: 488]. Ошентип англис тилиндеги апта күндөрүнүн аталыштарынын баары эле диний ишенимдерге барып такалат деп айтууга болот.

Орус тилиндеги апта күндөрүнүн аталыштарына келе турган болсок, алардыкы системалык жактан фарсчасына окшош экендиги байкалат. Мисалы, аларда да вторник, среда, четверг, пятница деген аталыштар иреттик сан атоочторго [Фасмер, 1986: I, 365; 1987: III, 425, 740; IV, 351], ал эми калгандары болсо диний ишенимдерге барып такалат. Алсак, суббота сөзү менен фарсчадагы шанбе бир уңгудан келет – байыркы еврей тилиндеги шаббат сөзүнө барып такалат [Фасмер, 1987: III, 792]. Байыркы орустар бул сөздүн ордуна шесток деген сөздү колдонушкан (http://web-kapiche.ru/264-kalendar-drevnih-slavyan.html). Орустар да мурунку мезгилдерде суббота күнү эс алса керек. Буга среда сөзү ишарат кылып турат. Себеби среда деген сөз орто (середина) дегенди билдирет [Фасмер, 1987: III: 607: 740]. Бирок аптанын башы катары понедельникти (дүйшөмбүнү) ала турган болсок, среда аптанын ортосу боло албайт. Демек, среда аптанын ортосу болуш үчүн, апта воскресеньеден башталышы керек. Ушундан улам мурун орустар суббота (ишемби) күнү эс алып, аптаны воскресеньеден (жекшембиден) башташкан деп жыйынтык чыгарууга болот. Көңүл буруучу дагы бир жагдай – алар жакынкы мезгилге чейин эле ушундай системаны колдонуп келишсе керек, себеби среда деген сөз кийинчерээк эле колдонууга кирген, ага чейин байыркы орус тилинде среда үчүн третийник деген сөз колдонулган (http://web-kapiche.ru/264-kalendar-drevnih-slavyan.html). Воскресенье болсо кийинчерээк эле кирген, мурун анын ордуна неделя деген сөз колдонулуп келген. Бул сөз да эс алуу менен байланыштуу. Неделя сөзү не делать, не дело дегенден келет [Фасмер, 1987: III, 57].

*(Уландысы 13-бетте)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)
29 03 2024
kyrgyztili@mail.ru

# АПТА КҮНДӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН АТАЛЫШТАРЫ ТУУРАЛУУ

(Башы 7-бетте)

Бул күнү эч нерсе кылынган эмес. Алсак, неделя сөзү орусчада гана "апта" дегенди билдирет, калган славян тилдеринде неделя сөзү жекшемби үчүн колдонулат. Орусчадагы понедельник сөзү болсо неделя сөзү менен байланыштуу, б.а., "неделядан (воскресеньеден) кийинки күн дегенди" билдирет [Фасмер, 1987: III, 57]. Воскресенье деген сөз алгач Пасханы майрамдоонун башталыш күнү үчүн гана колдонулуп, XVI кылымдан баштап эле воскресенье өзүнчө күн катары калыптанган. Бул күн Иса пайгамбардын кайра тирилгендигинин урматына аталган (воскресать "кайра тирилүү"). Апта деген маанини туюндуруу үчүн болсо орусчада седмица сөзү колдонулуп келгени маалым [Фасмер, 1987: III, 590].

Жогорудагылардын негизинде апта күндөрүнүн аталыштары диний түшүнүктөргө барып такаларын айтса болот.

Эми апта сөзүнүн, апта түшүнүгүнүн өзүнө келсек, адамзат тарыхында күндөрдү апталарга бөлүштүрүүнүн ар кандай системалары болгон. Тарых китептеринде берилген маалыматтарды эстесек, 3 күндүк, 5 күндүк 8 күндүк (Байыркы Римде), кельттерде 9 күндүк, байыркы германдарда 14 күндүк, байыркы египеттиктерде 10 күндүк циклдар колдонулгандыгы маалым. Байыркы Вавилондо болсо (б.з.ч. 2 миң жыл) жети күндүк күн санак колдонулган.

Азыр дүйнөдө расмий түрдө булардын ичинен жети күндүк апта күн санагы колдонулат. Булардын ичинен башкасы эмес, дал ушул жети күндүк апта күн санагынын дүйнөгө жайылышынын төрт себебин көрсөтүүгө болот:

1. Жети күндүк апта тууралуу маалыматтын башаты Библия, Тора сыяктуу ыйык китептерде жаткансыйт.

2. Ай календары эң байыркы календарлардын бири болуп саналат. Ал боюнча бир ай 29,5 күндөн [МСЭ, 1959: 4, 382] жана 4 фазадан турат: жаңырган ай, биринчи чейрек, толгон ай жана акыркы чейрек. Айрым учурларда болсо ай такыр эле көрүнбөй калат. Ошентип аталган күндөрдүн санын 4 фазага бөлгөндө жетиге жакын сан чыгат.

3. Жумадагы күндөрдүн саны (7) дүйнөнүн геобордук системасындагы планеталардын санына барабар [МСЭ, 1959: 6, 519].

4. Байыркы Вавилондо ай календары жана жети апталык күн санагы колдонулган. Кийин алардын системасын байыркы римдиктер өздөштүрүшкөн. Ал эми Байыркы Рим империясынын доорунда анын колониалдык саясаты менен бирге калган европалыктарга маданий элементтер, анын ичинде 7 күндүк жума санагы кошо өткөн. Ал эми кийинчерээк Европанын өнүгүшү менен бул система дүйнөгө жайылган.

Ошентип, жети күндөн турган апта системасынын жайылышына диний да, илимий да (астрономия), тарыхый жана саясий да (Рим империясынын территориясынын кенендиги жана Европа маданиятынын түптөлүшүнө таасири) шарттар өбөлгө түзгөн.

Эми аптанын аталышына келсек, кыргызчада апта сөзү менен бирге жума сөзү колдонулат. Жума сөзү "бешинчи күн" маанисинен сырткары "апта" деген маанини да туюнтат [КТС, 2010: 489]. Апта сөзү кыргызчага фарсчадан кирген. Фарсча бул сөз хафте түрүндө колдонулат. Ал эми хафте сөзү болсо "жети" деген маанидеги хафт сөзүнөн жасалган [Восканян, 2005: 314, 624]. Аптанын аталышы жагынан да фарс тили менен орус тилинин ортосунда окшоштук бар. Байыркы орусчада аптаны седмица деп аташчу. Ал сөз болсо "жети" маанисиндеги семь сөзүнөн келет. Жума сөзүнөн келе турган болсок, бир күндүн, т.а., дем алыш күндүн аталышынын бүтүндөй аптага, б.а., бардык жети күндүк цикла таралышы орус тилинде да байкалат. Орус тилиндеги неделя сөзү, жогоруда сөз болгондой, не дело, не делать "эч нерсе кылбоо" деген сөздөн келип, мурун дем алыш күн үчүн эле колдонулган. Кийинчерээк болсо бүтүндөй апта үчүн колдонула баштаган. Мунун себеби – апта орусчада неделядан (воскресеньеден) неделяга (воскресеньеге) чейин, кыргызчада жумадан жумага чейин созулгандыктан, орусчада неделя сөзү, кыргызчада жума сөзү бүтүндөй апта үчүн колдонулуп баштаган.

Жыйынтыктап айтканда, апта күндөрүнүн саны жана аталыштары диний түшүнүктөр менен байланышта. Дем алыш күндөрү да диний түшүнүктөргө жараша өзгөрүлүшү мүмкүн. Кыргыз тилинде расмий түрдө колдонулган апта күндөрүнүн аталыштарынын ичинен жума гана арабчадан, калган алтоо фарсчадан кирген. Мындан тышкары, эл арасында кыргызча биринчи күн, экинчи күн деген сыяктуу иреттик сан атоочтор менен уюшулган аталыштар колдонулат. Жекшемби үчүн болсо эл арасында дем алыш, базар күн деген аталыштар да колдонулат. Фарсчадагы шамбе сөзү байыркы еврейчеден киргендиктен жана еврейлерде ишемби күн дем алыш күн катары эсептелгендиктен, буга байланыштуу түшүнүктөр да фарс тектүүлөр тарабынан кыйыр түрдө өздөштүрүлүп, жекшемби күн ишембиден кийин, б.а., дем алыш күнүнөн кийин келгендиктен, ал аптанын башталышы же биринчи күн катары каралган. Ошентип кыргыз тилинде колдонулган аптанын күндөрүнүн аталышында маанилик жактан иреттик дал келбестик келип чыккан. Натыйжада фарсчада "биринчи күн" маанисиндеги йекшамбе кыргызчада эл арасында дем алыш, "экинчи күн" маанисиндеги душамбе – биринчи күн, "үчүнчү күн" маанисиндеги сешамбе – экинчи күн, "төртүнчү күн" маанисиндеги чахаршамбе – үчүнчү күн, "бешинчи күн" маанисиндеги панжшамбе – бешинчи күн деп аталып калган. Ошол эле учурда Исламдын таасири менен жума күн дем алыш күн катары каралып, ишемби, б.а., алтынчы күн аптанын башы катары каралып, иштин башы ишемби деген айтым жаралган. Ал эми жети күндүк циклдин өзү үчүн кыргыз тилинде фарсчадагы хафтенин өзгөрүлгөн апта варианты колдонулат, ал сөз, өз кезегинде, "жети" деген маанини туюнткан хафт сөзүнөн жасалган. Мындан тышкары, кыргызчада жума сөзү да "бешинчи күн" маанисинен тышкары "апта" маанисин берет. Мунун себеби аптанын жумадан жумага чейин созулушунда.

# Тил саясаты жана турмуш

(Башталышы 6-бетте)

Биз эне тилге мамиле жасоодо бөтөн элдерден үлгү алышыбыз керек. Адам түшүнүктөрүнө негизденип, рухудуху боюнча, рухуна негизденип жүрүм-турум жасайт. Бул идеологиянын натыйжасы десек да болот. Алсак, еврейлер бөтөн тилдерди, өздөрүнө эне тил катары алышат жана аны колдонуп сүйлөшүшөт, пикир алышат, ошол тилде ойлонот, жашашат. Б.а. бөтөн элдин тилиндеги түшүнүктөрдү колдонуп ойлонот, жашайт, бирок еврейлик дух менен жашайт-өзүнү еврей экендигин сактайт, өнүктүрөт. Бул идеологияны чет жерлерде жашаган кыргыздарды тарбиялоодо колдонууда практикалоо зарыл.Кыргыздар орус тилин билсин, кыргыз духун сактап, кыргыз болуп жашасын.

Биздин кыргыздар болсо орус тилин үйрөнөт, орус болуп кетип, "киргизге" айланып калат. Тил идеологиясы ушуга каршы иш алып барышы зарыл.

2.Улуттук аң сезимди өнүктүрүү.

А) күчтүү өзүн-өзү аңдап билүүнү өнүктүрүү. Өзүн-өзү аңдап билүү маселеси философия, социология, психология ж.б. илимдер тарабынан изилдөөгө алынуучу өтө татаал илимий маселе болуп саналат.

Тил идеялогиясында улуттук аң сезимди өнүктүрүүгө аң башкы маселеге айланышы зарыл. Ал кыргыз элинин тилин өнүктүрүү, тарыхын изилдөө жана аны калын элге жайылтуу аркылуу ишке ашат.

Улуттук аң сезимди өнүктүрүүгө талаа (трибуна) уюштуруп, аларды ММК, ТВ аркылуу чагылдырып барууу зарыл.

**Адамдын инсан катары калыптанышында өзүн-өзү аңдап билүүсүнүн мааниси чоң. Өзүн-өзү аңдап билүүнүн өнүгүшү бир нече стадияларда жүрөт жана ал процессте «Мен концепциянын» өнүгүшүнүн ролу чоң. Инсандын "мен" түшүнүгүнүн калыптанышында инсандардын өз ара таасир этүүсүнө чечүүчү роль таандык. Инсан өз ара таасир этүү кырдаалында гана калыптанат: башка адамдарды байкап гана тим болбостон, алар ; менен биргеликте аракеттерди жасоо аркылуу өзүн-өзү аңдап билет.**

Өзүн-өзү аңдап билүүнү өстүрүүдө эң биринчи кезекте жаш муундарда өз жерин сүйүү, мамлекетти сактап калуу үчүн жанын аябай иштөө ж.б. керектиктерин, ынанымдарын калыптандыруу зарыл. Ошондо кыргыз кыздар чет жерге күйөөгө тийсе да, өз баласын кыргыз нарк-насилине сугарат жана алардын Кыргызстанга кызмат кылуу мүмкүнчүлүгү жаралат.

Б) улуттук иденттүүлүктү калыптандыруу.

Иденттүүлүк идентификациянын негизинде калыптанат.

Психологияда идентификация аңсезимсиз абалда (бейаңдык деңгээлде) эмоционалдык жактан башка адам менен байланыу жана ага окшоошуу. М: идеал, кумир туткан адамга окшошуу (анын манераларын өзүнө алуу, жашоо образына окшошууга умтулуу, аны тууроо ж.б.).

Социологияда идентификация - адам өзүн жалпылыкка (топко) окшоштуруу аркылуу, өзүнүн ага тиешелүүлүгүн аныктоосу (кабылдоосу жана таанып-билүүсү). Б.а, идентификация – адамдар тобу менен эмоционалдуу байланышуу аркылуу, алардын баалуулуктарын, жүрүм-турумун өздөштүрүү аркылуу өзүн анын бир мүчөсү деп эсептөөсү.

Идентификациянын түрлөрү көп. Ушул жерде тилдик идентификация жөнүндө айта кетели.

Тилдик идентификация – инсандын өзүн ошол тилдин ээси, колдонуучусу катары эсептеши жана ал ошол тилди туура колдонууга, элдик биримдикти чыңдоого негиз болушу. М: кыргыз тилдүү-кыргыз тилин билет, колдонот дегенди билдирет.

Тилдик идентүүлүк деген адамдын өзүн кайсы тилдин ээсимин деп эсептөөсү. Күнүмдүк турмушта колдонгон, ой жүгүрткөн тили. Ушул жерде тилдик идентүүлүктү калыптандыруунун мааниси өтө чоң экендигин белгилей кетүү туура болот.

В) күчтүү менталитетти калыптандыруу. Кыргыз элинин менталитети өзгөрүүгө учурап жатат. Менталитетибизди сактап калганда гана эл, улут катары сакталып калабыз. Улуттук менталитетти бекемдөө багытында иш алып баруу идеологиянын милдети болушу зарыл.

Ар бир тармак өз идеологиясын иштеп чыгуусу зарыл. Алсак, теле берүүлөр, радио уктуруулар улуттук баалуулуктардын негизинде жүрүшү керек.

УТРК улуттук багыттагы өз идеологиясын иштеп чыгып, батыш музыкасындагы маанисиз дүңкүлдүктөргө тыюу салуу, чектөө, ал эми улуттук калориттеги музыкага басым жасоо ж.б. жасоосу зарыл.

**Жыйынтык**

Совет мезгилинде кыргыз эли коммунизмдин идеологиясы менен бирге Батыштын цивилизациясын, жашоо философиясын, жашоо образын жана мыйзамдарын, тарбия салттарын ж.б. өтө тездик менен өзүнө сиңирип алып, өтө таанылгыс болуп өзгөрдү. Алсак, жаш муундарыбыз батыштын программасы менен окуду, тарбияланды, инсан катары жетилди. Бул элибиздин аң сезимине, улуттук баалуулуктарына өтө күчтүү таасир этти, элибизди өзгөрттү, элибиз өтө таанылгыс болуп өзгөрдү. Натыйжада кыргыздар арасында "киргиздер", аракечтер ж.б. пайда болду.

Бүгүнкү күндө эне тилин үйрөнүү улуттун коопсуздугу менен байланыштуу маселеге айланып олтурат. Ошондуктан эне тилин үйрөнүүгө басым жасоо, инвистиция салуу зарыл жана ал улутту сүйгөн муунду тарбиялайт. Ошондой эле мектептер, колледжер, университеттер үчүн кыргыз тилин окутууну жакшыртуунун методикаларын, технологияларын иштеп чыгуу зарыл.

Чет тилин үйрөнгөндө бала кыргыз элинин баалуулуктарын билбей калат. Ошондуктан бала кезде эне тилди үйрөтүү кыргыздын каада-салтын, жашоо образын ж.б. үйрөнүүнү камсыз кылат.

Кыргыз болуп төрөлүп, жан дили кыргыз боло албоо улуттук трагедия.

Элдин дили тилинде эне тили жоголгон эл улут катары жок болот.

Балага эне тилин үйрөтүү - ата-эненин негизги милдети.

Эне тилге мамиле жасоодо бала өзү "үйрөнүп алат" принциби жарабай тургандыгын турмуш көрсөтүүдө.

Мамлекеттик тилге карата элдин аң сезимин өстүрүп, адамдык асыл сапаттарды калыптандыруу, эне тилди турмуш-тиричиликте гана эмес, мамлекеттик расмий иш-чараларда колдонууну турмушка ашыруу үчүн мамлекетибизге бүтүндөй бир тил идеологиясы зарыл.

Тил идеялогиясы улуттук аң сезимди өнүктүрүүгө багыт алышы шарт. Ошондо гана улуттук рухтан (духтан) ажырабоого, улут катары сакталып калууга жетишебиз.

Ар бир кыргыз баласы өз ой-пикирин өз тилинде эркин, жатык, так, таамай сүйлөй билсе улуттук баалуулуктарыбыз сакталат.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№3 (301)
29 03 2024
kyrgyztili@mail.ru

Англис тилинен которгон
Эрмек Шоруков

Курт Воннегут

# 2BRO2B

*to be or not to be*
*(“Бар же жок болуу”)*



Ачууланган доктор Хитц Уэлиңге кабагын түйө карады.

– Уэлиң мырза, калктын санына чектөө киргизилгенине шегиңиз барбы?

– Жок, оюма да келбептир, – деди Уэлиң үн менен.

– Жердин калкы жыйырма миллиард, анан кырк миллиард, андан соң сексен миллиард, андан кийин жүз алтымыш миллиард болгон сонун күндөргө кайтып баргыңыз келбейби? “Жүнүн жеген койлордой” дегенди уксаңыз керек, Уэлиң мырза?

– Жок, – деди Уэлиң түнөргөн калыбын жазбастан.

– Калктын санына чектөө киргизилбесе, жутта көптүгүнөн жерге башын сала албай жүнүн жеген койлордой эл жер планетасын каптап кетмек! Ушул оюңузга келдиби?!

Уэлиң дубалдагы бир чекитти тиктеген калыбында тура берди.

– 2000-жылы, – деп сөзүн улады доктор Хитц, – окумуштуулар жаңы мыйзам сунуштаганга чейин ичкенге суу, жегенге деңиз балырынан башка эч нерсе калбай калган – адамдар коёнчосунан көбөйүүгө, эгер мүмкүн болсо, түбөлүк жашоо укугуна жетишкен.

– Балдарымды жакшы көрөм, – деди Уэлиң акырын. – Үчөөнү тең кыйбайм.

– Ал жагы талашсыз деңизчи, – деп макул тапкан доктор Хитц. – Адам болгондон кийин сизди түшүнөбүз.

– Таятамдын өлүшүн да каалабайм, – деди Уэлиң.

– Ким эле “Мышык торго” жакынын ыраа көрсүн, – деди доктор Хитц тилектештигин билдирип.

– Ушундай аталышты эл каяктан таап алат дейм да? – деди Леора Дункан.

– Эмнени?

– “Мышык тор”, анан “баландай”, “бастандай” деп атабай эле коюшса, – деди Леора. – Бул элге терс таасир калтырат.

– Туптуура айтасыз, – деди доктор Хитц. – Кечирип коюңуз. – Ал сөзүн ондоп, муниципалдык газ камераларынын расмий аталышын айтты, бул аталышты сүйлөшкөндө эч ким колдончу эмес. – “Этикалык суицид студиясы” деген аталышты бермекмин.

– Эми жакшы угулат, – Леора Дункан.

– Кайсынысын тандабаңыз, Уэлиң мырза, – деди доктор Хитц. – Калктын санына чектөө аркылуу балаңыз бактылуу, кенен, таза, бакубат планетада жашары бышык, мобул муралдагы бакчадагыдай. – Доктор Хитц башын чайкады. – Эки кылым мурда, анда менин жаш кезим, жерде тозок өкүм сүрүп, адамзаты кеминде жыйырма жыл жашайт деген эч кимдин оюна келген эмес. Азыр болсо тынчтык, молчулук кылымдарга созулган тасмадай көз алдыбызга тартылат.

Анын жүзү тамылжый түштү.

Уэлиңдин колундагы тапанчаны көрөр замат доктордун жүзүндөгү жылмаюу шыпырылып түштү.

Уэлиң милтени бир тартып, Хитцти атып өлтүрдү.

– Бир кишиге орун табылды, – деди ал.

Бурулуп туруп Леора Дунканды атты.

– Бул болгону өлүм, – деди ал Леора кулап түшкөндө. – Мынакей! Эми эки кишиге орун бар.

Андан кийин өзүн-өзү атып өлтүрүп, үч баласына орун бөлендеди.

Чуркап келген эч ким болгон жок. Сыягы, тапанчанын үнүн эч ким укпагандай.

Сүрөтчү шатычасынын жогорку тепкичинде отуруп, кайгылуу көрүнүштү дел боло карап отурду.

Ал жашоонун үштү алган сырдуу табышмагына баш катырып ойлонду: Негe өзү жараткан жандын төрөлүшүн, төрөлүп алып тукумдашууну, көбөйүшүп ушул тепкедей болгон жер шарында ушулардын баарына чыдап узак жашоону талап кылат.

Сүрөтчү божомолдогон жооптордун бардыгы супсун суутарлык эле. Ал тургай, “Мышык тор”, “Куу таkым бейбаш”, “Беймарал жөнөгө” караганда дагы көңүл жылытарлык эмес болчу. Ал согуш жөнүндө ойлоду. Чума эсине түштү. Ачкачылык тууралуу ой келди.

Ал мындан ары эч качан сүрөт тартпай турганын билди. Колундагы кисти жерде жаткан кездемеге түштү. Андан кийин Бактылуу жашоо бакчасына тойдум дегенчелик тепкичтен акырын түштү.

Уэлиңдин тапанчасын алып, чындап эле өзүн атып салгысы келди.

Бирок анте албады.

Бөлмөнүн бурчундагы телефон үжүрөсүнө барып, “2 B R 0 2 B” унутулгус номерди терди.

– Федералдык токтотуу бюросу, – деди ары жактан абдан жагымдуу үн.

– Мени кабыл алчу убактыңыздар качан болот? – деп кылдат сурады.

– Бүгүн түштөн кийин болуп калышы ыктымал, – деди айым. – Эгер кимдир бирөө баш тартса, эртерээк да болушу мүмкүн.

– Болуптур, – деди сүрөтчү, – Ыгы келсе, жазып коюңуз мени. Аты-жөнүн тамгалап айтып берди.

– Рахмат, мырза, – деди кабылдамадагы айым. – Сизге бүткүл шаар ыраазы, бүтүндөй өлкө сизге ыраазы, жалпы планета ырахматын айтат, бирок баарынан дагы терең ыраазычылык келечек муундардыкы.

**2024-жылдын 20-январы**

---

Михаил ЗОЩЕНКО

# ДИКТОФОН




**Которгон Бахтияр ШАМАТОВ**

Бу америкалыктарың шумдук калк экен го! Буларың не деген таң каларлык ачылыштарды жасаган жок да, эмнелерди гана ойлоп тапкан жок! Бууну, коопсуз Жилетт устарасын, жердин огунда айланарын, деги койчу, ушунун баарын ачкан да, ойлоп тапкан да америкалыктар менен анан анча-мынча англичандар болушпадыбы.

Эми мына, көрүңүздөр: америкалыктар адамзатты дагы бир ирет бактылуу кылып диктофон деген шумдук машинени дүйнөгө тартуулашты.

Албетте, бул мурда эле ойлоп табылган дечи, бирок бизге эми гана, тагыраак айтканда, 1920-жылы келди.

Машинке келген күн эми бир салтанаттуу, унутулгус болду дейсиң. Мындай шумдукту көзү менен көргөнгө ынтызар калың эл заматта чогулду.

Калайык арасында кадыры калың Константин Иванович Деревяшкин машинени кабынан алып чыгып бетин этиеттеп чүпүрөк менен сүрүп койду. Аны эмне деген залкар гений ойлоп тапканы мына ошондо баарыбыз көзүбүз менен көрдүк, майда бурамалары, быдыр тиштүү дөңгөлөкчөлөрү, жылма кырлары чеберлик менен ийилген керемет бир буюм көзгө урунду. Бир караганда өтө эле назик, морттой көрүнгөн бул машинке кадимкидей иштеп, кандайдыр бир милдет аткарат деп ойлоонун өзү таң каларлык эле.

Эх, Америка, Америка, улуу өлкө болбосоң коё кал!

Машинкени бир сыйра карап чыккан соң калайык арасында кадыры калың жолдош Деревяшкин америкалыктардагы дагы бир жолу мактады да анан гениалдуу ойлоп тапкычтардын адамзатка келтирип жаткан пайдасы тууралында учкай сөз айтты. Андан соң машинкени иш жүзүндө сынап көрмөй болушту.

«Кана, араңардан кимиңер бул гениалдуу аппаратка бирэки ооз сөз айткыңар келет?» – деп сурoo узатты Константин Иванович.

Ошол замат дагы бир урматтуу жолдош Тыкин Василий алдыга чыкты. Бул өзү бою куркуйган арык, алтынчы разряд боюнча иштеп анан кошумча ишине да маяна алчу неме. «Уруксат болсо мен айтайын», - деди ал. Дароо уруксат беришти ага.

Ал бир аз толкундана машинкеге уланган кернейге жакын келди да эмнени айтсам экен деп бир топко ойлонуп калды, анан айтаарга сөз таппай, колун шилтеди да өзүнүн сабатсыз экенине чын дилинен бушайман боло четке чыга берди.

Дагы бирөө чыкты. Бул көпкө ойлонуп отурбай эле кернейдин оозуна жакын келип туруп дарылдап коё берди:

— Эй, жинди!

Машинкени ошол замат кайра артка түрдүрүп, жандырып көрүштү эле, ал тургандардын оозун аңкайтып айтылганды так өзүндөй кылып кайталап берди.

Ал, анан көрүп ал, таң калган көрармандар бири биринин түртүшө кернейге жакын келишип, улам бир сөздү, кээде сүйлөмдү же ар кайсы урааңды айтып киришти. Машинке анын баарын унчукпай жазып, кайра кайталай берди.

Ошондо жанагы алтынчы разряд боюнча иштеп анан кошумча ишине да маяна алчу жолдош Тыкин Василий кайра чыкты да коомчулукка ичинерден кимдир-бирөөнөр кернейге сөгүнүп көргүлөчү деген сунушун киргизди.

Калайык арасында кадыры калың жолдош Деревяшкин адегенде буга көшөрө тыюу салды, алтургай мындай кылганыңар түзүк эмес деп кыжылана жер тепкилеп да жиберди, бирок бир аздан кийин олку-солку боло түшүп, мейли, жерде коомчулук оңончолук эле каалап турса анда ашата сөккөндүн акесин окуткан, мүнөзү да албуут чыр кошуна үйдөгү кара деңизчи матросту чыкырып келгиле деди.

Тиги көпкө күттүрбөй урган бойдон жетип келди.

— Кана кайда, кайсы тешикке сөгүнүш керек? – дейт.

Мына бул жакка деп көрсөтүп беришти. Ал оозунан ак ит кирип кара ит чыга ашатып коё берди эле, ага жадагалса, калк арасында кадыры калың Деревяшкин өзү да тан берип, көрдүңөрбү муну, укмуш айдатты го, бул деген силерге Америка эмес дегенчелик кылып алакан жая туруп калды. Анан кернейдин оозуна тимеле жабышып алган богоз матросту эптеп ары сүйрөй тартып машинкени коюп көрүштү эле, диктофон айтылгандын баарын баягыдай эле чып-чыргасын коротпой сөзмө-сөз кайталап берди.

Ошондо тургандар түп көтөрө жабылып тешикке жакын келип, сөгүнүп, ар кайсыны айтып киришти. Анан ар кандай добуштары чыгара баштаашты: алакандарын чапкылашты, темир такалары менен жер тепкилеп бийлешти, таңдайларын шыкылдатышты, чүчкүрүп да көрүштү, машинке болсо түк жаздым кетирбей баарын кайталап, айныксыз иштеп жатты.

Ойлоп табылган бул буюмдун чынында эле гениалдуу экенине баары ошондо тан беришти.

Бирок бир гана өкүнүчтүү жери, бул керемет аппарат кескин чыккан үндөргө гана туруштук бере албайт экен, ошого ылайыкташтырылбаптыр да...

Маселен, калк арасында кадыры бийик Константин Иванович аны сынап көрмөккө тапанча атып жиберди, албетте, кернейге аткан жок, октун үнүн тарыхта калтырайын деп так түбүнөн туруп капталдап атты. Анан эмне болду дейсиз? Машинке жанагыдай жаза албай, бузулуп калса болобу.

Бул жагынан караганда, америкалык ойлоп табуучулар менен кызыл кулактардын мартабасы баштагыдай болбой, кадыры ылдыйлай түштү.

Бирок алардын адамзат алдында сиңирген эмгеги баары бир жогору экенин моюнга алып коюшубуз керек.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)

29 03 2024

kyrgyztili@mail.ru

М.А. ШОЛОХОВ

# Адам тагдыры

*(Аңгеме)*



**Кыргыз тилине которгон**
**Бахтияр ШАМАТОВ**

*(уландысы)*

– Кой, достум, эстебей эле койсоңчу! – дедим акырын, бирок ал укпай калды көрүнөт, толкунданганын чымыркапып атып араң басты да, таң каларлыктай өзгөрө түшкөн киркиреген үнү менен күтүлбөгөн жерден мындай деди:

– Өлөөр өлгөнчө, акыркы демим чыгып кеткиче, өлүп баратып да ошондо аны түртүп жибергениме өзүмдү эзели кечирбейм!..

Ал кайрадан узакка дейре тунжурап унчукпай калды. Чылым ороп чегейин деди эле, бирок кагазы улам тытылып, тамекиси тизесине төгүлүп кетип жатты. Акыры эптеп тамеки ороду да бир нече жолу баса-баса соруп жиберип, жөтөлө кебин улады:

– Иринадан боюмду тартып алып, бетин алаканыма алып өөп кирдим, эриндери тимеле муз десең. Балдар менен коштошуп, вагонду көздөй чуркадым, тепкичине жүгүрүп баратканда жабыштым. Поезд акырын ордунан жылып баратты, эми балдарым менен аялымдын жанынан өтүшүм керек. Карап, өтүп баратам – жетимсирей түшкөн балдарым бирине бири жабыша үймөлөктөшүп турушуптур, мага колдорун булгалап, жылмайгылары келет, бирок ага түк окшошпойт. Ирина болсо колдорун көкүрөгүнө кайчылаштырган бойдон, эриндери дубалдай купкуу болуп селейип катып калыптыр, шыбырап бирдемелерди айтчансыйт, көзүн ирмебей мени тигиле караган бойдон катып турат, арымы катуу шамалга каршы кадам таштагысы келгендей тула бою менен алдыга ийилип алыптыр. Менин эсимде ал ошол турган турпаты боюнча: көкүрөгүнө кайчылаштыра кысып алган колдору, купкуу эриндери, бакырайган жаш толгон көздөрү менен бир өмүргө калды... Түшүмө да ошол бойдон көп кирет...Аны эмнеге түрттүм экен ошондо? Эстеген сайын жүрөгүмдү мокок бычак менен тилип жаткандай боло берем...

Бизди Украинада, Ак Чиркөөгө жакын жерде бөлүк кылып түзүштү. Мага ЗИС -5 машинесин беришти. Фронтко ошону минип алып аттандым. Эми согуш туурасында сага айтып отурбайын, башында не апаат болгонун өзүң менден жакшы билсең керек. Үйдөгүлөрдөн бат-баттан кат алып турганым менен аларга анда-мында гана жазып коюп жүрдүм. Болгону баары жайында, аз-аздан согушуп атабыз, азырынча чегинип жатканыбыз менен бирок жакында күчүбүздү жыйнап туруп, фрицтерге көргүлүктү ошондо көрсөтөбүз деп жазасың, бүттү. Башка эмнени жазмак элең? Кыйын кезең эмес беле, кат жазганга да чоло жок болчу. Чынын айтсам, арызмүнүмдү төгүп кат жазганды мен жактырчу эмесмин, чимкиригин кагазга шыбап, аялдарына, сүйгөн кыздарына иши болсо да, болбосо да күн сайын көз жашын көлдөтүп кат жазчуларды жинимдей көрчүмүн. Карасаң тимеле, кыйналып аткан имиш, аны өлтүрүп да коюшу мүмкүн имиш. Мына ушуга окшогон шымчан наалыма канчыктар тылда жыргап атакансыган шоруң каткыр катындары менен балдарына арманын айтып, алар аяса деп турат да. Аларга эмне, тылда биздикинен жеңил болуп атыптырбы? Бүт өлкө ошолорго таянып турбады беле! Мынчалык опол тоодой оор жүктүн астында бүгүлүп кетпеши үчүн биздин аялдар менен балдарыбызга кандай ийин керек эле? Эч ким бүгүлгөн жок, баарына чыдап көтөрүштү! Мамындай бир ыйлаак, жүгүн бош немени эмгекчил аялга жазган арман каты тиги байкушту тимеле союл менен бутка чапкандай кылбайбы. Мындай катты алган бечара аялдын колунан иши түшпөйбү да жумушка көңүлү болобу. Жок! Сен башка түшкөндүн баарына чыдап көтөрүү үчүн эркек болуп жаралгансың, жоокерсиң. Эгерде насилинде эркектикине караганда аялдын угуту көбүрөөк болсо, анда кынжыйган көчүгүңдү коодоп жапкан барпырама юбка кийип ал, жок дегенде артыңдан аялга окшошосуң, бар да кызылча ото, же уй саа, фронтко сендейлердин кереги жок, ал жакта сенсиз да сасыктар толтура!

Бирок мен бир жыл да согуша албадым...Эки ирет жарадар болдум, бирок экөө тең жеңил болду: биринчисинде – колумдун этин ок шылып кетти, экинчиси – бутума ок жедим; адегенде самолеттон атылган ок тийсе, экинчиси – снаряддын сыныгы тийген. Немис менин машинемди төбөдөн да, капталдан да тешкилей аткылап жатты, ошентсем менен башында жолдуу болуп жүрдүм. Ошентип жүрүп –жүрүп, акыры жетер жериме жеттим... Кырк экинчи жылдын майында Лозовенькинин астында момундай бир оңтойсуз учурда туткунга түшүп калдым десең: ошондо немис тимеле алдыга чамынып атакан, көрсө, биздин жүз жыйырма эки миллиметрлик гаубицалык батареябызда снаряды жок калыптыр; менин машинеме толтура снаряд жүктөштү, ага өзүм да гимнастеркам далына жабышып калгычакты кара теримди агыза көмөктөштүм. Салгылашуу улам биз тарапка жакындап келаткандыктан абдан шашылышыбыз керек эле: сол жактан биреөлөрдүн танкалары татырайт, оң жакта, алдыда да атышуу жүрүп жатат, айтор, опуртал кысмактаган кысмактап келатты...

Ошол кымгуутта биздин автоторотанын командири менден: «Соколов, өтүп кете аласыңбы?» деп сурайт. Бул жерде эми минтип сураштын деле кереги жок да. Тиякта менин жолдошторум кырылып атса, мен бул жерде башымды катып отурмак белем? «Эч кеп жок! - дедим ага. – Мен өтүп кетишим керек, тамам!». «Анда сыз! Темирди жаны чыгып кеткенче бас!» - деди командир.

Мен сызган бойдон кеттим. Өмүрүмдө мынчалык айдаган эместирмин! Картөшкө ташып баратпаганымды билип турам, бул жүктү тартып баратканда абайлаш керек экенин да түшүнөм, бирок тигил жакта балдар жылаңач колу менен согушуп атса, жол туш тараптан аткыланып атса, кайдагы этиеттик.

Алты чакырымдай айдап өттүм, мына батарея турган тетиги кыштактын жолуна бурулаарыма аз гана калды, карасам эле, - атаңдын көрү-үү, - биздин жөө аскерлер грейдердин оң жагынан да, сол жагынан да ээн талаага жайыла аткылашып атышыптыр, алардын катарына жаңаша миналар да жарыла баштаптыр. Эмне кылсам? Артка кеткенге болбойт да. Болгонунча дагы бастым! Батареяга чейин бир чакырымдай гана аралык калды, мен жолго бурулуп да калгам, бирок өзүбүздүкүлөргө жете албай калдым, тууган... Кыязы, алыстан ата турган замбирек менен так менин машинемди мээлеп туруп урган окшойт... Мен жарылган добушту да, эч нерсени уккан жокмун, болгону башымдын ичинде бирдеме жарылып кеткендей болду да, калганы эсимде жок.

Ошондо кантип тирүү калганымды – түшүнбөйм, чуңкурдан сегиз метрдей арыраакта канча жатканымды да билбейм. Эсиме келдим, бирок бутума тура албайм: башым салаңдап, дене боюм безгек тийгенсип калтырап чыкты, көзүм ийне сайып ийгенсип караңгылашат, сол ийинимде бирдеме кычырайбы же сынгандайбы кандай, бүт денемди тимеле эки сутка бою союл менен сабагансып, жан чыдаткыс оору сыздатып турду. Көпкө чейин боортоктоп сойлоп отуруп анан акыры эптеп өйдө турдум. Эмне болгонумду түшүнө албай, дагы эле башым маң. Эсимде ныпым эч нерсе жок. Кайра жаткандан корком. Жатсам эле ошол бойдон турбай, тиги жакка кете берчүдөй сезилет. Ошентип бороонго кайыккан теректей эки жакка ыргала теңселип тура бердим.

Эсиме келгенде эки жагымды жакшылап карандым – жүрөгүмдү бирөө кычкач менен кыскандай болуп кетти: тегеректин баарында мен ташып бараткан снаряддар жайнап жатат, арыраакта талкаланып, дөңгөлөктөрү асманды карап, аңтарылган машинем жатат, салгылашуу болсо эмнегедир эми арт жагымда жүрүп жаткан экен. Бул кандайча? Жашырганда эмне, так мына ушул учурда менин буттарым өзүнөн өзү бүгүлүп кетти да кыйган теректей кулап түштүм, анткени мен – фашисттердин туткунунда калганымды түшүндүм. Согушта мына ушундай да болот тура. Эх, тууган, туткунга өз эркиң менен түшүп калбаганыңды түшүнүү өтө оор иш. Муну жон териси менен сезип көрбөгөн адамдын жүрөгүнө бат эле жеткириш кыйын, бул эмне экенин ага адамча жеткиргидей кылып түшүндүрүштүн өзү оор.

Ошентип жатам, угушума караганда танктар калдырап келаткандай. Төрт немис танкасы газын басып алган бойдон жанымдан өтүп, мен снаряд тартып келаткан жакты көздөй кетишти... Буга кантип чыдайсың? Анан алардын артынан замбиректерди чиркеп алган сүйрөмө тягачтар созулду, талаа ашканасы өттү, анын артынан согулуп атып бир ротага жетип жетпей кемип калган жөө аскерлер кетип баратышты. Аларга көз кыйыгымды салып коюп, жер менен жер болуп тымпыйып жатам, көзүмдү жуумп алганмын: анткени аларды көрөйүн деген көзүм жок, тимеле жүрөгүм айланат дейсиң... Баары өтүп кетти окшойт деп башымды көтөрө калсам эле менден жүз метрдей арыраактагы туштан алты автоматчан өтүп баратышкан экен. Карап турсам, түз эле мени көздөй бурулушту. Унчукпай келатышат. «Мына, өлөт деген ушул турбайбы», -дедим. Өйдө болуп отурдум, анткени жаткан жеримде тырайып өлгүм келген жок. Ичинен бирөөсү мага бир эки кадам жетпей токтоду да, ийнинен автоматын шыпырды. Адам пендеси ушундай бир кызык жаралган экен да: ошол тапта мен корккон да, жүрөгүм болк деп да койгон жок. Болгону аны карап ойлонуп турам: «Азыр мени көздөй кыска татыратып калат, кайсы жагыма атат болду экен? Башымабы же көкүрөгүмөбү?». Айтор, денемдин кайсыл жагын калбыр кылса да баарына кайыл элем.

Келбеттүү, өңү каралжын тарткан, эриндери жиптей жука, жүлжүйө караган жаш жигит экен. «Мындай неме ойлонбой туруп атып салат», - деп турам. Ошондой эле болду: автоматын түшүрө калды да – мен болсо анын көзүнө тике карап унчукпай турдум, жашы улгайыңкыраак жанындагысы, ефрейтор окшойт, бирдеме деп кыйкырып, аны четке түрттү да мага жакындап келип, өз тили менен бирдемелерди балдырап, менин колумду чыканагымдан бүгө кармалап, каруу күчүмдү сыйпалап көрдү да: «О-о-о!» деп күн батышка кеткен жолду жаңсап көрсөттү. Кара жумушка жарактуу мал, биздин рейхке иштеш үчүн жөнө деди шекилди. Кожоюн боло калганын көр мунун, иттин гана баласы!

Бирок тиги кара торураак келген неме менин өтүгүмө тигилип туруп калды, чынында эле мыкты өтүк эле. Колу менен көрсөтүп: «Чеч» деди. Жерге отуруп чечтим да, ага узаттым. Колумдан тимеле жанталаша жулуп алса болобу. Чулгоомду да кошо чечип, отурган жеримден өйдө сунуп калдым эле, ал өзүнүн тилинде кыйкырып бакырып сөгүп калды да автоматын кайра оңдой кармаланып итирейдеп калды. Калгандары баары кыраан-катки түшүп калышты. Ошентип тынч эле ары узап кетишти. Бир гана жанагы неме жолго чейин жетти да кайра үч жолу бурулуп карады, тимеле карышкырдын бөлтүрүгүндөй көзүнөн заар чачырайт. Кудум эле ал меникин эмес, мен анын өтүгүн чечип алгандай, тообо.

Эмне кылам анан тууган, менде башка аргам калган жок. Жолго чыктым, воронеждик жалпак тил менен келиштире сөгүнүп алдым да батышка, туткунга жөнөдүм!..

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3
(301)

29
03
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Турсунай Калмуратова



## Кайда элеңиз...

*Жазуума азыр жок себеп деле,
Жаштыкка ыза-муң керек беле.
А сизчи? Ошондо кайда элеңиз?
Жан дүйнөм ооруган керек кезде...*

*Күнүм да, түнүм да жалаң муңда,
Ыр менен байладым жарамды да.
А сизчи? Ал мүнөт кайда элеңиз?
Адашып жүргөндө караңгыда...*

*Жазуума себеп жок катка баарын,
Жапжакын туруп да жатка айландым.
Азгыраган андагы адамдарды,
Ах, чиркин, азыр мен таппай калдым...*

***

*Жанып сүйдүм. Жашооңузга бир келип,
Жаш жүрөгүм жакындаса дирт этип.
Жазганым жок үч-төрт жолу ойлонуп,
Жадакалса ак баракты кирдетип...*

*Мендей кыздар бакыт болуп миң келет,
Мезгил өтүп, мен, сен, ал деп иргелет.
Түйшүк деген сүрүп чыгат сезимди,
Түшүнсөңүз менин сүйүүм бир келет.*

*Майдаланып шагыл болоор тоо деле,
Майдандагы чарчайт күчтүү жоо деле.
Мейли унут, мейли уза деп коюп,
Сизди сүйүп бара жатам о, неге?!*

*Жек көрүү жок, баары бирдей боорумда,
Бир бөксөрүп, кайра дагы толдум да.
Билбей турам эмне кылаар элеңиз,
Сиз болсоңуз азыр менин ордумда?!*

## Махабаты өлкөмдүн...

*Коңур күздүн салкын жели согууда,
"Кош айтышкан" саптар бүгүн жок ырда.
Көл үстүнө жааган аппак кар өңдүү,
Көңүлдөрдү Жаратканым оорутпа.*

*Көргүң деле келбей калды көптөрдү,
Көк тиреген көзүң жумуп тоо укта.
Жашыл жоолук салынган Жер энеге,
Жакшыларды жашат, Кудай толукта...*

*Тапсаң байлык, акылым эч эсирбе,
Табалаган окшош күндөр кесир ээ.
Таппай калсам туура жолду тагдырдан,
Жаратканым ачууланбай кечир ээ.*

*Таарынычым ошол болот түбөлүк,
Таланттардын кадыр-баркын кетирбе.
Акыйкатты айтсаң өлөт кылычсыз,
Арманы көп мына ушундай мезгилде...*

*Муздак болуп бара жатат өткөн күн,
Муңдуу жарык каалайсыңбы өчкөнүн.
Качан болсо көрөм оор жүк артынып,
Качкандарын, бөлөк жакка көчкөнүн
.
Көз мончокту туура эмес тагынган,
Көрдүм далай адамдардын көпкөнүн.
Уктап ал деп, ак шейшепке оронтуп,
Көрдүңөрбү, кардын Жерди өпкөнүн.*

*Мага кымбат, сага билбейм а кандай,
Махабаты түбөлүктүү өлкөмдүн...*

## Көргүм келет...

*Сезимдерге төбөм жетип башым маң,
Сени дале чыгаралбай башымдан.
Кимге кандай, а мен сени түбөлүк,
Изден келгем түгөнбөгөн жакшы ырдан...*

*Карегимде сыйкыр күч бар жашынган,
Карачы азыр, өтүп барат баары ылдам.
Оо мурда эле таптың беле сен мени?
Окуганда таптым сени жакшы ырдан...*

*Сурайм сени кезек күткөн ырлардан,
Суудай тунук, кээде күндөр чын, жалган.
Көргүм келет жүрөгүңдөн өзүмдү,
Көргүм келет сени баардык жылдардан.*

*Сезимдерге төбөм жетип башым маң,
Сени калдым чыгаралбай башымдан...*

***

*Ыраазы болуп келатам шүгүр өткөнгө,
Ырымдын кышын айланттың бүгүн көктөмгө!*

*Дүйнөмдү билген, бир гана азыр сенсиң ээ?
Күүгүмдө күлүп, нур болуп тийген сезимге!*

*Кептелген биздей эки ара жолго деги ким?
Кезинде сени тапканым олжо - жеңишим!*

*Кою түн менен олтурду далай таң сыры,
Короодо бийлейт, сүйүүнүн төккөн жамгыры.*

*Колума сунуп, жалындын табын бил дебе,
Кокустан жүрөк шыбырап салам бирдеме...*

*Таптакыр чоочун. Талашкан ойлор - мага жат,
Тапкандай бизди. Таптаза тунук - махабат!*

*Көңүлдү жууп. Өмүрдүн жолун ак кылуу,
Көпчүлүк сөзсүз болушу керек бактылуу!*

*Ыраазы болуп келатам шүгүр өткөнгө,
Ырахмат кышты айлантып салдың көктөмгө!*

## Ысык-Көлдөн аманат...

*Айтсам айып, камкордугуң таш жарган,
Канча ирет, ал каректен жаш тамган.
Ысык-Көлдүн ак толкуну шыбырап,
Сени сүйүү ошол күндөн башталган...*

*Унчукпастан жүрөк үнүн тоо уккан,
Ушул сезим ээ-жаа бербей оолуккан.
Ысык-Көлдүн ак толкуну кол булгап,
Ысык сүйүү ошол мүнөт жолуккан...*

*Кээде болот жан дүйнөнү жүдөтүү,
Кезим эле сени ойлоп, күзөтүү.
Абалыңды алыстагы сагынган,
Айтып турчу "Жети Акенин" сүрөтү...*

*Айтсам айып, сезимиңди таш жарган,
Ак толкундан үзүм-үзүм жаш тамган.
Ысык-Көлгө жолукканда шыбырап,
Ысык сүйүү ошол мүнөт башталган...*

## Температура...

*Жандуу нерсе кеп кылат тура,
Жан дүйнөмдө температура.*

*Жашоо сени бек кылат тура,
Жашоом бүгүн температура.*

*Жакшылыгың тез сынат тура,
Жаштык күнүм температура.*

*Максат артка тез жылат тура,
Махабатым температура.*

*Өйдө-төмөн албайсың тура,
Өмүр өзү температура.*

*Күйүү менен жез сынат тура,
Сүйүү деле температура.*

*Жүзүң жокто кеп кылат тура,
Жүрөк бүгүн температура.*

*Ойлоруңду жеп тынат тура,
Отуз тогуз температура.*

*Талантыңды тез сынайт тура,
Тагдыр деген температура...*

## Жазды көрдүм...

*Жазды көрдүм, жука көйнөк кийинген,
Жолугушуу калуубузду ким билген?
Көзүндө нур, көңүлүндө тазалык.
Таарынычты а бул жолу аз алып,
Тааныш жүзү издегени билинген,
Жазды көрдүм, сүйүүдөн гүл кийинген...*

*Белгисиз жол, шилтеп колду өйдө өткөн,
А жаз жука көйнөкчөн...
Ал жаңылса деле кайра үч айдан
кийин дагы жаңыра алат күч кайдан?
Махабаттын жолу менен жөнөгөн,
Ал жаз жука көйнөкчөн...*

*Көрдүм жазды баткак тартат бутунан,
Кыштын муздак сезиминен кутулган.
Тоолордогу гүлдөрүнө ашыгып,
Кубанычтан көздөрүнөн жаш чыгып...
Үлбүрөгөн жаз жүрөгү бул турган,
Үмүтүнөн уткан дагы утулган...*

*Ал жаз жука, жука гана көйнөкчөн...*

## Аялга...

*Аял көрдүм күлкүсү ичтен жоголгон,
Аяр сезим күтөт бийик тоолордон.
Жоодураган көздөрү да чарчаптыр,
Жоолугунун ичиндеги ойлордон...*

*Аял көрдүм ичтен өзүн жеп салган,
Ошентсе да бакытынан кеп салган.
Мээрим төгүп жубатса да дүйнөнү,
Мерез тагдыр "сен аялсың" деп салган!*

*Аял көрдүм ийилсе да сынбаган,
"Аялсың" деп иштегилер сындаган.
Аяп кетем, аруу таза дүйнөсүн,
Аялга бул күндөр азыр, чын арман...*

*Тамырынан дагы тамыр үзө алган,
Тагдыр менен тең жарышып сүзө алган.
Күйүтүнөн жасап алат эркиндик,
Күчтүү аялга, деле кээде, күз арман...*

*Бүркөлсө да күндүн нуру ыраакта,
Билик күйүп бүтсө дагы чыракта.
Билгин аял, бул дүйнөнүн жарыгы,
Бир тамчы көз, жашын дагы кулатпа!*

*Аял көрдүм күлкүсү ичтен жоголгон,
Аяр сезим күтөт бийик тоолордон.
Жоодураган көздөрү да чарчаптыр,
Жоолугунун ичиндеги ойлордон...*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№3 (301)

29 03 2024

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779,34 СОМ

**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
Зулхавра АЖЫМАТОВА
0(500) 22 66 09

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Айтматов көчөсү, 1/1
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:** 147
**Нускасы:** 3350